**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К.И.СКРЯБИН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**СВЕТЛАНА БАТАКАНОВА**

# 1916-жылкы үркүн темасына арналган драмалык чыгармаларды окутуунун методикасы

**Бишкек-2024**

**УДК: 82:82 -2**

К.И.Скрябин атындагы КУАУнун Окуу-методикалык комиссиясынын 2023-жылдын 6-октябрындагы №1 чечими менен басууга уруксат берилди

Жооптуу редактор: Муратов А.Ж., педагогика илимдеринин доктору, профессор

Рецензенттер: Ишекеев Н.И., КР УИАнын крр.-мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор; Осүбекова Г.Т. филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.

**Батаканова С.Т.**

Б. 1916-жылкы үркүн темасына арналган драмалык чыгармаларды окутуунун методикасы

–Б.: Кут бер, 2024. – 38 б.

Бул методикалык колдонмодо
Үркүн темасна арналган Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” жана А.Токомбаевдин “Өлбөстүн үрөнү” драмаларын окутуунун методикасы каралды. Китепче филолог-студенттерге, мектептин мугалимдерине жана аспирант-изденүүчүлөргө арналат.

Кыргыз улуттук агрардык университети, 2024.

# Киришүү

Антикалык доордо эле адабияттын түрлөрү катары лирика, эпос, драма бөлүп көрсөтүлгөн. Бул адабий үч текти биринчи жолу Аристотель айтып өтсө, адабий түрлөрдүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө романтизм доорунда немец философиясы менен эстетикасында активдүү талкуулар жүрүп, бир кыйла тереңдетилген. Эпос, драманын айырмачылыктары, жалпылыктары Гёте менен Шиллердин бири-бирине жазган каттарында ачык түшүндүрүлгөн. Гегелдин оюу боюнча эпикалык поэзия объективдүү, ал эми лирика субьективдүү, драма болсо объективдүүлүк менен субъективдүүлүктүн синтези катарында түшүндүрүлөт. В.Г.Белинский бул ойлорго кошулуу менен аны өркүндөткөн.

Драманын тектик жаратылышы, жанрдык табияты, спецификалык өзгөчөлүктөрү, фольклордогу анын элементтери, эволюциясы, мазмуну менен формасы, конфликттер аркылуу адам мүнөздөрүнүн ачылышы, сюжеттеги окуялардын системасы, композициядагы идеялык-көркөмдүктүн биримдиги, стилдик көп түрдүүлүгү, жалпылаштырып айтканда, поэтикалык-эстетикалык проблемалары М.Борбугуловдун (Борбугулов М. Возникновение и развитие киргизской драматургии. Автореф. дис. … д-ра филол. наук. –Ф.: 1966. -100 с.; Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б.: Шам, 1996. 451-487 бб.), С.Байгазиевдин (XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы. –Б.: Элпек, 2002. -383 б.), А.Абдразаковдун (Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүш маселелери. – Б.: Бийиктик, 2012, 294-408 бб.) ж.б. эмгектеринде кенен жана терең изилденген.

Ошондуктан окутуу процессинде түрдүү, жанрдык мыйзам-ченемдүүлүктөргө шай келген үйрөтүүнүн методдорун, ыкмаларын жана каражаттарын колдонуу – мугалимдин милдети.

Драмалык чыгармаларды талдоодо төмөнкү өзгөчөлүктөр эске алынышы зарыл: баяндоо кебинин жоктугу; каармандардын мүнөзүнүн курчтугу жана ачык-айкындыгы; окуялардын карама-каршылыктарда жана конфликттерде чечилиши; сахнага ылайыкташтырылгандыгы ж.б.

1939-40-окуу жылында кыргыз адабиятынын окуу программасына биринчи жолу драмалык чыгармалардан М.Токобаевдин “Кайгылуу Какей” пьесасы киргизилип (Кыргыз адабиятынын программасы: 1939-40-окуу жылы үчүн / Мугалимдерге жардам, 1941, №6, 22-б.), кийинчерээк Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна”, Ж.Бөкөмбаевдин “Алтын кыз” драмалары менен толукталган (Кыргыз адабиятынын программасы. –Ф.: Кыргызмамбас, 1943, 26-27-бб.).

1950-жылы кыргыз адабиятын окутуунун программасы кайрадан түзүлгөн, бирок драмаларды үйрөнүү боюнча берилген чыгармалар өзгөрүүсүз, мурункудай эле калтырылган.

Ал эми 1970-жылы программа кайрадан оңдолуп, иштелип чыккан. Бул жолу да, көп нерсе мурунку боюнча гана калып, бир гана М.Токобаевдин “Кайгылуу Какей” драмасы обзордук бөлүмгө сунушталгандыгын байкоого болот.

1981-82-окуу жылында өркүндөтүлгөн окуу программасына ылайык сегиз драманы окутуу пландаштырылган, алар: Б.Жакиевдин “Атанын тагдыры”, К.Маликов, А.Куттубаевдин “Жаңыл Мырза”, К.Жантөшевдин “Каныбек” (VII класс), А.Токомбаевдин “Өлбөстүн үрөнү”, Ж.Бөкөнбаевдин “Алтын кыз” (IX класс), Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна”, К.Маликовдун “Бийик жерде”, К.Жантөшевдин “Курманбек” (X класс) окутула баштаган.

2006-жылы өркүндөтүлүү менен жарык көргөн кыргыз адабиятынын окуу программасынан (Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V-XI-класстары үчүн: 3-басылышы. –Б.: ТАС. 2006.-80-б.) К.Жантөшевдин “Каныбек”, К.Маликовдун “Бийик жерде”драмалары алынып салынган, ал эми, А.Токомбаевдин “Өлбөстүн үрөнү”, Ж.Бөкөнбаевдин “Алтын кыз” драмалары кошумча окуу үчүн берилген. Программага жогоруда аталган драмалык

чыгармалар менен катар Ж.Садыковдун “Манастын уулу Семетей” (VII класс), Т.Абдымомуновдун “Абийир кечирбейт”, М. Байжиевдин “Төрт адам”(XI класс) чыгармалары жаңы киргизилген.

Мектепте драмалык чыгармаларды окутууга арналган К.Иманалиевдин («Жусуптун «Ажал ордуна» драмасы» // Ленинчил Жаш. – 1960. – 21-декабрь) алгачкы макаласы жарык көргөн. Кийинчерээк К.Иманалиевдин (Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1970, 100-101, 165-170-бб.) эмгегинде драма жанрындагы чыгармалардын композициясын үйрөнүү олуттуу ойдун бутасына алынган. Б. Алымовдун (Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. II китеп. – Ф.: Мектеп, 1984. – 288-300-бб.) китебинде драмалык чыгармаларды окутууда баалуу жана кызыктуу ойлорду, сунуштарды, натыйжаларды көрсөтүү менен мугалимдердин ишкердүүлүгүнө жардам көрсөткөн.

Кийин драмалык чыгармаларды окутуу проблемаларына байланыштуу диссертациялар жакталды: Батаканова С.Т. (Жалпы билим берүүчү мектептердин IX-X класстарында кыргыз жазуучуларынын драмалык чыгармаларын окутуу методикасын өркүндөтүү: Пед. илим.канд.дис. автореф.: 13.00.02. –Баку, 1988. – 18 б.), Уразова Ж. (Элдик оозеки чыгармалардын сюжетинде жазылган драмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери: Пед. илим. кан. дис. автореф.: 13.00.02.– Б.: 2000. –21.б.)

Бирок, ошондой болсо дагы, кыргыз адабиятынын методикасында драмалык чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү, сабактын структурасы, конкреттүү драманы интерактивдүү методду колдонуу аркылуу үйрөтүүнүн үлгүсү, драманы окутууда методдордун, ыкмалардын, жолдордун көп варианттуулугу, анын конкреттүү шартка жараша адекваттуу болушу ж.б. тажрыйбалык факт-материалдардын негизинде изилдөө терең иштеле элек. Башка жанрдагы чыгармаларды окутуу сыяктуу эле, драманы үйрөтүүдө мазмун менен форма бирдиктүү талдоого алынат. Айрыкча, драманын көркөм адабий жана сценалык табиятын алака-катышта, ошону менен катар предмет аралык байланышта окутуу сабактын натыйжалуулугун арттырат. Драманын көркөм-эстетикалык асылдуулугуна, окуучулардын билим деңгээлине, жаш өзгөчөлүгүнө жана сабактын мазмунуна, максатына жараша үйрөтүүнүн ыкмаларынын көп варианттуулугу шексиз түрдө талап кылынат. Акыйкатта, көркөм окуу, ролдор боюнча окуу, чыгармачылык менен оозеки айтып берүү, план түзүү, образдарды (каарман жана артист) жана сценаларды (драманын тексти жана спектакль) салыштыруу, драманын сахналык жагын таржымалдоо (режиссер жана драматург), интерактивдүү методдун ыкмалары, стилистикалык эксперименттер, көрсөтмөлүү каражаттар жигердүү колдонулат. Албетте, драманы окутуу процессинде мазмундун өзгөчөлүгүнө, окуучулардын мүмкүндүгүнө жараша методдордун оптималдуу айкалыштыруусун табуу жана аны тажрыйбада колдоно билүү, окуучулардын билимге, билгичтикке жана көндүмгө ээ болушуна шарт түзөт.


Драмалык чыгармалардын идеялык-тематикалык, жанрдык-эстетикалык, нарк-насилине жараша талдоонун ыңгайлуу формалары жана каражаттары кандайдыр бир деңгээлде такталды.

Драманы талдоонун этаптары, деңгээлдери жана мыйзам-ченемдүүлүктөрү негизделди. Окуу программасына ылайык драмалык чыгарманы анализдөөнүн модели, инновациялык сабактардын үлгүлөрү сунушталды жана алардын адабий билим берүүнүн мазмунундагы орду менен окуучулардын көркөм-эстетикалык маданиятын өнүктүрүүдөгү мүмкүнчүлүктөрү тастыкталды. Сабактын максатына, драмалык чыгармалардын коомдук-эстетикалык функциясына, спецификасына, маңыз менен бычынына (формасына), теги менен түрлөрүнө, усул менен стилине жараша талдоонун системасы түзүлдү. Драмалык чыгармаларды окутуунун, талдоонун жана тарбиялоонун теориясы менен технологиясы иштелип чыкты. Драмалык чыгармаларды мектептик талдоонун теориясын практикада жана практикасын теорияда тастыктоо максатында тажрыйба иштери өткөрүлүп, алардын жыйынтыктарын иретке салуу аркылуу жалпылаштырылды.

**Драмалык чыгармаларды окутуунун өзгөчөлүктөрү**

Улуттук драматургиябыздагы адептик-философиялык маселелерди окуучулардын кабыл луусунда кыйынчылыктар жок эмес. Окуучулардын жанр жөнүндө белгилүү бир маалыматы болбосо, анын мүнөздүү мыйзам- ченемдүүлүктөрүн өздөштүрмөйүнчө бул маселелер чечилбейт. Бир канча жылдар бою жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары мектеп окуучуларына кыргыз драматургдарынын чыгармаларын окутууга байланышкан объективдүү жана субъективдүү факторлорду айкындады. Биздин байкоолорубузга караганда, ар түрдүү окуялардын чындгы, турмуштук карама-каршы кырдаалдар, талаш-тартыштар драматург тарабынан берилген көркөм баалоонун чагылдырылышы каармандардын монологдору жана диалогдору аркылуу ачылат да, негизги татаалдыкты жаратат. Драма жанры курч талаш-тартыштуу, анын негизин сценалык оюн коюунун алкагына сыйдырылган мүнөздөрдүн кагылыштары жана адамзаттын "түбөлүктүү" маселелерин чечүүдөгү дүйнө таанымдар түзөт. Ошондуктан драмалык чыгармаларды окутууда мугалим графикалык схемаларга таянышы максатка ылайык. Мисалы, эпикалык жана драмалык чыгармаларды кабыл алууну төмөндөгүдөй схемадагы ырааттуулукта көрсөтүүгө болот

Схема 3.5.




Окуу программасы окуучулардын жаш курагын эсепке алган, б.а. драмалык чыгармаларды үйрөтүү VII класстан Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасынан башталат. Дал ушул драма аркылуу жанрдын «терезесинин ачылышы» окуу программасындагы ийгиликтүү көрүнүш. Биринчиден, азыр бала бакчадан тартып VII класска чейин окуучулар "Манас" эпосунун негизги сюжети менен кандайдыр бир даражада тааныш болуп калат. Ал эми драмадагы окуяларды эпостун негизги сюжетинин бир үзүмү катары кабыл алышат, бул болсо драманын түйүндүү окуяларын тез жана терең үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Сюжеттин өздөштүрүү жеңил болгондон кийин мугалим да, окуучу да негизги басымды жанрдын ички табиятын өздөштүрүүгө карата бурат.

Экинчиден, азыркы учур маалыматтуулуктун мезгили экендигин эсепке алсак, анда өз айылынан чыкпаган окуучу да теле көрсөтүүдөн драмалык чыгармалардын бир-жарымын көргөн болот, б.а. бул мезгилге чейин VII класстын көпчүлүк окуучуларынын сахна, анда коюлган чыгарма боюнча жеткиликтүү элестөө бар болуп саналат. Ошол себептен мугалимдер окуучуларга драмалык чыгармалардын спецификалык касиеттерин үйрөтүүдө «нөлдөн»

баштабастан, тескерисинче, анын адабияттын жана искусствонун башка жанрларынан айырмасы кайсында экендигин «далилдөө» аракети менен киришкен туура.

Драмалык чыгармаларды талдоодо мазмун менен форманын биримдигине басым коюу окуучулар үчүн көптөгөн маселелердин ажатын ачат. Драмалык форманы өзүнө таандык мазмундун бүтүндүгүндө анализдөө драмага өнөктөш жайгашкан кино өнөрүнүн, теле берүүнүн жанрларын ж.б. терең түшүнүп баалоого мүмкүнчүлүк берет. Драмалык чыгарманы мазмун менен форманын бүтүндүгүндө анализдөө – сергек окуучуга жалпы эле искусствонун түбөлүктүү мыйзамдарын кеңири өздөштүрүүгө жол ачат. Деги эле мазмун менен форманы бөлүүгө болбой тургандыгын В.Г.Белинский төмөндөгүдөй түшүндүрөт: «Качан форма мазмунду чагылдырса, ал аны менен тыгыз байланышта болот – аны мазмундан бөлүү деген – мазмунду жок кылууну түшүндүрөт, тескерсинче, мазмунду формадан бөлүү бул – форманы жок кылуу» [7, с. 46.].

Драмалык чыгарманын мазмуну менен формасы диалектикалык бир бүтүндүккө ээ болгондой эле, аны мектепте окутуу, талдоо процесси да комплекстүү жана системалуу болуусун талап кылат. Мында драманын жанрдык компоненттеринин бардыгын бирдиктүү кароо жолу менен үйрөтүү башкы планга чыгат. Сабакта талдоо жүргүзгөн учурда драманын идеялык-тематикалык маани-касиети менен бирге, образ-персонаждар системасы, аны башка жанрлардан айырмалап турган тили, диалог, монолог, реплика өңдүү өзүнө гана мүнөздүү каражаттар боюнча түшүнүк бербей коюуга, ар биринин аныктамасын айтып, маанисин ачпай өтүүгө мүмкүн эмес. Ошондой эле драманын ажарын ачып турган көркөм касиеттери окуучуга жетиш үчүн ал сапаттар чыгарманын идея-мазмунуна айкашып, каармандардын оң жана терс аракеттери аркылуу «жандуу кыймылдардын» фонунда кеп болгону туура.

Тажрыйба көрсөткөндөй, ал драмалык чыгармаларды талдоодо башкы орунду ээлеген образдар системасы болуп эсептелет. Чыгармадагы образдардын өз ара аракеттенүүсүндө реалдуу турмушка негизделген, ошондой көркөм чындыктын өнүгүшүнө таянган, форма менен мазмундун ар тараптуу байланышын көрсөтө алган, окуучулар элестетип кабылдоосуна мүмкүнчүлүк түзгөн кырдаалдар толук чагылып турат. Форма да, мазмун да чыгармада салыштырмалуу орунду ээлейт. Бул тууралуу Л.И.Тимофеев төмөндөгүдөй деп жазат: «Мазмун жана форма – бул эң биринчи кезекте салыштырмалуу түшүнүк, б.а., бири экинчисиз жашай албайт: форма бир нерсенин формасы (калыбы), болбосо ал жок нерсе, – мазмун болушу үчүн анын формасы болушу керек, анын сырткы аныктамасы болушу зарыл, антпесе ал өзүн көрсөтө албайт. Ошондуктан мазмун жана форма бири-бири менен тыгыз байланышта» [350, с. 131.].

Сабакта драмалык чыгармаларды талдоо көркөм текстке анализ берүү менен байланыштырылып чечилет. Тактап айтканда, мазмун менен форманын бири-бири менен ажырагыс байланышта, бирдикте жашарын, ар бири өзүнчө эч нерсе туюндура албай тургандыгын драманы окуп үйрөнүп жатып теориялык түшүнүктөр аркылуу, өзүнчө тема, идея, сюжет жана композиция, образдар жана аларды ачып берүүчү көркөм сөз каражаттары ж.б. адабий терминдердин маңызын ачуу менен мугалим балдарга түшүндүрө алат. Мисалга, Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасын алсак, мугалим айтып берип жатканда окуучулар драма

жөнүндө, анын спецификалык өзгөчөлүгү тууралуу ойлонбостон, андагы окуяларга аралашып, катышкан адамдарды, алардын кийим-кечесин, курал-жарагын, баатырлардын өз ара аракетин, кармашын, жеңиши менен жеңилишин жана башка ушундай көрүнүштөрдү элестетип, анан аң-сезимдеринде кабылдоого жетише алат. Эгерде мугалим драмага мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү үйрөтүүгө умтулуп, окуучунун акыл-эсинде аракетке келип жаткан жогоркудай «эпостук атрибуттарды» алып салуу менен үйрөтүүгө канчалык көп күч жумшаса да ал жанрдык касиетин окуучуларга жеткире албайт. Тескерисинче, мурдатан балдардын аң-сезимине орун очок алып калган, адабий-теориялык түшүнүктөрдүн «кыртышына» таянып, ошол курактагы окуучулардын логикалык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу аркылуу драмага таандык формалык түшүнүктөрдү тереңдеткен болсо, б.а., эпостук элестөөлөрдөн калыптанган мазмунду өркүндөтүү менен жанрга мүнөздүү формага өтсө, таандык өзгөчөлүктөрдү тез кабыл алат.

«Эгерде философиялык формулага сала турган болсок, анда бул экөөнүн мамилеси мындайча элестетилет: мазмун дегенибиз – бул форманын мазмунга өтүшү, форма дегенибиз – бул мазмундун формага өтүшү. Мына ушундай өз ара диалектикалык катнашта мазмун башкы ролду ойнойт. Ал объективдүү чындыктын чагылышы катары өзүнө тиешелүү, керектүү форманы издеп табат» [309, 76-б.]. Мугалим мына ушул мазмундун форманы издөөсүн окуучу терең түшүнгөндөй абалда чечмелеп түшүндүрүүсү зарыл. Тактап айтканда, драматург «Манастын уулу Семетей» чыгармасын жазууда турмуштук материалдарды тандап алып жатып, аны дал ушул жанрда, б.а., драмалык формада ачып берүүгө байыр алганын окуучу баамдагандай кырдаалда түшүндүрүү– мугалимдин башкы максаттарынын бири. Чечмелей келсек, драманын мазмунун ачууда мугалим образдуу формага – чыгарманын окуясына, каармандардын образына, элестүү сүрөттөлүшүнө, ички психологиясынын чагылышына, кыймыл-аракеттериндеги элестүүлүккө, мимика, жесттерге кеңири токтолгону абзел. Бирок булардын баары алгачкы мезгилге же VII класста драмалык чыгармаларды талдап үйрөнүүдө негизги маселелерден болуп бере албайт. Жогоруда аталган драмага таандык элементтерди үйрөнүүдө алардын ар бирин башкы планга коюп, анан калгандарын түшүндүрүү мүмкүн эмес. Анткени көпчүлүк окуучулар драмалык чыгармалар менен турмушта кездешип, драмтеатрлардан көрүп жүргөн болсо да, ал сабакта анын баарын элестетип, тереңирээк кабылдап жиберүүсү мүмкүн эмес. Бул – биринчиден. Экинчиден, окуучулар тереңден кабыл алып түшүнө элек мезгилде жалаң терминдерди берүү, аныктамаларды жаттаттуу оң натыйжа бербейт. Тескерисинче, чыгарманын мазмунун түшүндүрүүгө аракеттенип, өзгөчө балдар элестетип кабыл алгыдай окуялардын ички аракетинде мезгил жана мейкиндик категорияларынын алкагында анализдеген натыйжалуу. Анткени кандай гана чыгарма болбосун ал белгилүү бир мезгилдин аралыгындагы окуяларды сүрөттөп, ошол мейкиндикте өтүп жаткан көркөм чындыкты чагылдырат, ансыз чыгарма өз окурманын ишендире албайт. Ошол себептен улам окуучулар менен бирдикте үйрөнүп жаткан драманы талдоодо тарыхый принцип башкы орунга чыгат. Ал эми чыгарманы тарыхый принципте талдоо дегенибиз – бул, А.Бушминдин сөзү менен айтканда: «изилденип жаткан адабий кубулуштардын конкреттүүлүгү ички байланыштар

менен, бири-бири менен жана конкреттүү-тарыхый учурдун бардык факторлорунун шартталышы менен түшүндүрүлөт» [79, с. 126.].

Орто мектептин окуу программасынан алганда, сунуш кылынган драмалар аркылуу маселени тарыхый принципте чечүүгө толук негиз бар. Тактап айтканда, кыргыз элинин баскан жолун тарыхый факты-материалдар менен айкалыштырган жана реалдуу турмуш чындыгын көркөм жалпылаштырган чыгармалар эки линияда жайгашкан. Маселен, «Манастын уулу Семетейде» чагылдырылган тарыхый доор – кыргыз элинин баскынчыларга каршы күрөшү, ата мекендин эркиндигине баш-отун берип аракеттенүү идеясы, IX класста К.Жантөшевдин «Курманбек» жана К.Маликов менен А.Куттубаев жазган «Жаңыл мырза», Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат» драмаларында андан ары тереңдейт. Мугалим бул жерде тарыхый принципти колдонуп, предмет аралык байланышта караханиддер мезгилинен тартып, Жунгар дооруна чейинки тарыхый материалдарды пайдалануу менен Семетей көргөн кыйынчылыктарды, Курманбектин баатырдыктарын, Жаңылдын, Шырдакбектин эрдиктерин белгилүү бир логикалык бүтүндүккө ээ кылып окуучуларга берсе, бир нече драмадан синтездешкен Ата Мекенди сүйүү, инсандык патриотизм идеялары окуучулардын сезимине терең орнойт да, балдардын таза, наристе жүрөктөрү мугалим берген «үрөндү» андан ары көкөлөтүп өстүрөт. Бул «линиядагы» драмаларды өздөштүрүүдө балдардын романтикалык кабылдоолору башкы орунда турат да, окуучулар мында тарыхый чындыкка караганда көркөм-романтикалык элестөөлөрүнүн таасиринде жашап, бирок мындагы баш каармандарды мифологиялык образдар катарында эмес, кадимки тарыхый инсандар катары кабылдашат. Мугалим тарыхый принципти колдонууда тарых барактарынан аталган драмаларга, алардын баш каармандарына үндөшкөн жерлерди таап, аны драманын сюжети менен айкалыштырууга жетишсе, ошол күнкү сабак окуучунун жан дүйнөсүнө кыт куйгандай орнойт да, өз ордун эч качан жоготпойт.

Ал эми экинчи линиядагы драмалар Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасынан башталат да, Т.Абдумомуновдун «Абийир кечирбейт», М.Байжиевдин «Төрт адам» 50-60-жылдардагы жайчылык турмуш менен өз ара карым-катнашта кароого негиз болот. Чыгармаларды талдоодо мугалим ошол драма жазылган доорго, сүрөттөгөн диахрондуу турмуштук чындыкка тарыхый мамиле кылуу аркылуу гана анын көркөм идеясына, дөөлөттөрүнө так жана терең баа бере алат. Бирок мугалим драманын ошол доорго таандык касиетин ачып тим болбостон, тигил же бул адабий фактынын бүгүнкү күн үчүн маанилүү болгон мотивдерине да айрыкча токтолуусу зарыл.

«Драмалык чыгармаларды эмнеден баштап талдоо керек» деген анкеталык суроого көпчүлүк практик-мугалимдер чыгармага таандык өзгөчөлүктөн баштап үйрөтүү туура экендигин баса белгилешет. Бирок, практика көрсөткөндөй, андай ыкмада окутуу көпчүлүк учурда окуучулардын айрым аныктамаларды жаттоосу менен чектелет. Ал эми мугалимдер андай жоболорду окуучулардын билүүсүн драмалык чыгармаларды өздөштүргөнү катары кабылдашат. Албетте, окуучулар дефиницияларды жаттады, бирок, ошол аныктамасын жаттаган терминдер, түшүнүктөр кайда, кантип колдонуларын билишпегендигин этибарга алышпайт. Драмалык чыгармалар үйрөтүлө баштаган алгачкы сабакта эле драманын жанрдык касиетине толук мүнөздөмө берип

жиберүү да мүмкүн эмес. Тескерисинче, биринчи сабакта драмадагы окуянын өнүгүүсүндөгү урунттуу учурларга басым коюп, ал жерде айтылып жаткан идеяга анализ берүү аркылуу автор сүрөттөлүп жаткан көрүнүштөрдөн, өзгөчө конфликттерден кайсыга бөтөнчө көңүл бурарын, каармандардын коллизияларын көркөм чагылдырууда, кайсы топтун позициясында туруп, кимдердин кызыкчылыгын көздөөрүн, образ-персонаждардын ичинен кимисине симпатия берип, кимисине антипатия берерин толук талдоодон өткөргөнү туура. Ошондой эле окуучулардын өз алдынча ойлонуусуна, чыгармачылык менен жекече изденүүсүнө шарт түзө турган, пьесанын мазмунунан чыгуучу көркөм-эстетикалык, нравалык-философиялык ж.б. проблемалардын ажатын ачууга мүмкүнчүлүгү бар соболдорду берип, автордун коомдук позициясын аныктоо аркылуу драмадагы негизги ойго багыт алганы ыңгайлуу.

Драмалык чыгармаларды талдоодо жалаң идеялык мазмун менен чектелүүгө болбойт. Тескерисинче, драманын идеялык-эстетикалык баалуулугун аныктоодо образдарга, алардын кыймыл-аракетине, өзгөчө конфликттерине, каармандардын речине, сүйлөө манерасына, драманын көркүн ачып турган диалог, монолог, репликаларга талдоо жасоо аркылуу жетишкени оң. Ошондой эле ал драманын көркөм тексти менен толук таанышкандан кийин окуучулардын өздөштүрүүсүн текшерүү, ар кимисинин жеке позициясын айкындоо аркылуу иш-аракетке келгени ыңгайлуу болуп саналат. Маселен, Ж.Садыковдун «Манастын уулу Семетейин» адабий талдоого алууда, окуучулар үчүн түшүнүктүү жана ойлоно тургандай: Драмадагы Ысмайылдын кылган ишине сенин мамилең? Сенин оюңча Сарытаз Семетейдин асыранды бала экендигин айтып туура иш кылдыбы? Семетей эмне себептен Сарытаздын айтканына ишенди да, Кишимжандын айтканына ишенбеди? ж.б. ушундай суроолорду берип, окуучуларды даяр түшүнүктөрдү карай жетелебестен, тескерисинче, ар бир окуучу чындыкка өз жолу аркылуу бара тургандай автордун каармандардын аракетине «жашырган», драмадагы окуялардын өнүгүшүнө «чөгөргөн» рухий-эстетикалык баалоо-туюмдарындагы касиет-көрөңгөлөргө окуучу макул боло турган жана натура көрө турган момент-деталдарга кылдат анализ берүү жөндүү. Бул, биринчиден, окуучуларды драмалык чыгарманы өздөштүрүүдө ар бир деталга чейин тереңден көңүл бурууга үйрөтсө, экинчиден, окуучуну эч кимди туурабай, өз пикирин айтууга далалаттандырат. Кеп – жооптун канчалык туура же туура эмес экендигинде болбостон, ар бир окуучунун драманын, андагы окуялардын жана образ-персонаждардын тегерегинде кандай ойлонуп, кантип аракеттенип жатканында турат. Ырас, мында окуучунун аракетине караганда мугалимдин ишмердүүлүгү, б.а., анын дидактикалык-педагогикалык аппараттар менен иш алып баруусу, ар бир окуучу менен пикир табышып, иштеше алуусу башкы орунда турат.

Драманы терең өздөштүрүү үчүн сабакта бир нече ыкмаларды колдонуу зарыл болуп саналат. Мисалы, драмалык текстти көркөм окуу; ролдорго бөлүштүрүп окутуу; оозеки кайра айтып берүү; жатка айтуу; образ-персонаждарга адабий-психологиялык аспектиде анализ жасоо; образдарды өз ара салыштырып баалоо; оң жана терс касиеттерин аныктоо; проблемалуу суроолор, интерактивдүү аныктамалар; түшүнүксүз сөздөргө комментарий берүү; пьеса боюнча сценарий

түздүрүү; андан ары тереңдетсек, пьесанын тексти менен спектаклди, каарман менен актёрдун аткаруу жөндөмдүүлүгүн салыштыруу, спектакль боюнча рецензия, дил баян, эссе жаздыруу ж.б.

Ырас, мунун баары драмалык чыгармаларды орто мектептерде окуп-үйрөнүү үчүн өтө керектүү усулдар, каражаттар жана ыкмалар. Албетте, анын бардыгын бир учурда колдонуу мүмкүн эмес, зарылдыгы да жок. Негизинен, орто мектептерде драмалык чыгарманы талдоо улуттук адабият таануу менен аны педагогикалык-психологиялык факторлорго байланыштырып чечүү аркылуу жүргүзүлөт жана жанрдык бөтөнчөлүгүн тереңдетип үйрөтүүгө максаттанат. Ошондуктан орто мектепте сунуш кылынган бардык драмаларды окутууда башкы маселе чыгарманын идеялык мазмунун анализдөө аркылуу ага мүнөздүү жанрдык өзгөчөлүктүү сюжет, композиция жана образ-персонаждар сыяктуу проблемалар менен окутуп-талдоо биринчи планга чыгат да, сабактын башка формаларына караганда булар жанрдын ички табиятын үйрөтүүдө маанилүү орунду ээлейт. Драмадагы жанрдык бөтөнчөлүктү табуу, б.а., чыгарманы анализдөөдө тигил же бул жолду тандап алуу пьесанын тематикалык-проблемалык, көркөм-эстетикалык, поэтикалык-философиялык өзгөчөлүгүнө жараша да чечилет. Ошондой эле класстын көлөмү, сабактын максаты, аны уюштуруу ыкмасы тандалат да, ал бир нече этаптардан турат. Окутуунун кандай жолдору тандалып алынбасын, ошол эле учурда бири-бирине байланыштуу тепкичте окутулат: биринчиси – чыгарманы кабыл алуу, экинчиси – чыгарманы өздөштүрүү, үчүнчүсү – каралып жаткан чыгарманын чегинен чыгуу, турмуштагы мисалдар менен искусство жана адабият фактыларынын байланышы, кеңири адабий-эстетикалык, эпикалык, коомдук-философиялык жалпылоолор. Бул үч баскычтар бири-бири менен өтө тыгыз байланышта экени талашсыз, алардын ар биринде окуучунун, мугалимдин ой жүгүртүүсү, ойлору жана сезимдери активдүү болушу зарыл. Бирок ар бир баскыч кийинки баскычтан терең, кеңири болушу максатка ылайыктуу.

## Х класста Ж .Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасын проблемалуу окутуу

Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасы бүгүнкү күндө мектеп окуучуларына эмнеси менен баалуу? Албетте, Октябрь революциясынын алдындагы жабыр тарткан элдин тагдырын философиялык жалпылоолор менен элестүү, образдуу көркөм бере алгандыгы менен дөөлөттүү. “Ажал ордуна” драмасы тарыхый элдик окуяны чеберчилик менен конкреттүү, так, эмоцианалдуу көркөм синтезден өткөрүү аркылуу кайра калктын өзүнө кайтаргандыгы үчүн эскирбейт жана боектору көөнөрбөйт.

Тажрыйбанын жүрүшүндө Х класстын окуучуларына “Ажал ордуна” драмасы силерди эмнеси менен өзүнө тартат? деген суроону койдук, окуучулардын жооптору төмөнкүдөй болду. Драмадагы жандуу образдар, курч жана татаал окуялар, катышуучу каармандардын кыскача так, даана жана демдүү, кубаттуу диалогдору, андагы курч конфликттер ж.б. белгилешти. “Ажал ордуна” драмасын мектеп окуучулары кызыгуу менен окушат, бирок ошондой болсо дагы мугалим үчүн драманын идеялык-тематикалык маанисин, образдарын , композициясын, тилин үйрөтүүдө методикалык кыйынчылыктар туулат. Бардык методисттер драмалык чыгармаларды окутууда окуучуларга спектаклди көргөзүүнүн зарылчылыгын белгилеп келе жатышат. Бирок, бул сунушту көпчүлүк мектептерде аткарууга мүмкүнчүлүк боло бербеси түшүнүктүү. Ал эмес Бишкек

шаарындагы драма театрда программалык спектаклдер дайыма коюлбайт, ал эми алыскы райондордо окуучуларга спектаклди көргөзүү иши өтө эле кыйын. Ошондуктан ар бир мектепте өзүнүн театры болгону абдан натыйжалуу.

Мугалим киришүү лекциясында “Ажал ордуна” драмасы чагылдырган доорго спектаклдин алгачкы коюлушуна, туңгуч аткарган актерлорго, чыгарманын жазылыш таржымалына кыскача токтолот. Ж.Турусбеков драманын негизги темасы кылып 1916-жылдагы тарыхый ири окуяны алып, андагы курч социалдык конфликттерди, тап күрөшүнүн көп кырдуу жактарын жалпылаштырып сүрөттөгөн. Автор бул негизги милдетти чечүүдө коомдун чордонундагы негизги конфликтин, б.а., таптардын ортосундагы кагылышууларды драманын уңгусу кылып алып, мына ушул проблеманы көркөм ойлоонун реалисттик мыйзамына ылайык чечүүдө, асыресе, кыргыз улуттук-боштондук күрөшүн, башка элдер менен болгон мамилесин, алака-катышын, орус эли менен кыргыз элинин ортосундагы достукту жогорку чеберчиликте көрсөтө алган. “...Спектакль жөнүндө аңгеме куруп берүү, өтүлүп жаткан пьесаны терең түшүнүү менен бирге, окуучулардын кругозорун кеңейтет, терең ойлонгонго түрткү берет жана пьесага кызыкчылыгы артат” (Чирковская Т.В. Методика работы над драматическия произведениями. / В кн.: Литература в средней школе. – Л.: Ученые записки №203, ЛГПИ, им.Герцена, 1959, -С.112). Ошондуктан мугалим Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” музыкалуу драмасы 1934-жылдын аяк ченинде азыркы опера жана балет театрында коюлгандыгын айтат. Зулайканын ролун Анвар Куттубаева, Искендердин ролун Ашыралы Боталиев, Бектурдун ролун Касымалы Эшимбеков, Зулайканын энесинин ролун Малдыбаевалар аткарышкан. Тигил же бул драмалык каармандардын белгилүү актердун аткарышы жөнүндө мугалимдердин кыска аңгемеси сабак процессин бир кыйла активдештирет. Албетте, мугалим лекциясында пьесанын алгачкы коюлушу жөнүндөгү искусство ишмерлеринин эскерүүлөрүн келтире кетсе да болот. Бул тууралуу А.Куттубаева: “1934-жылдын күз айлары. Бул жыл эч кимдин эсинен чыкпайт, анткени Жусуптун “Ажал ордуна” драмасындагы Зулайканын ролун аткарып, элге тартуу кылдым. Чынын айтканда, менин эң биринчи жүрөгүмө жеткен жана берилип аткарган ролдорумдун бири эле. Ошондо кадимкидей ыйлап жибергеним бар. Анан ыйлабаганда эмне, ал жалгыз гана Зулайканын өткөргөн турмушу эмес, жалпы кыргыз кыздарынын өткөргөн оор турмушу эмеспи”, – деп эскерет ((Чирковская Т.В. Методика работы над драматическия произведениями. / В кн.: Литература в средней школе. – Л.: Ученые записки №203, ЛГПИ, им.Герцена, 1959, -С.112). “Ажал ордуна” спектаклин алгачкы аткарган актерлор жана музыкасын жазган А.Малдыбаев, В.А.Власов, В.Г.Фере спектаклди коюшкан. А.Куттубаев менен В.Васильевдер кыргыз искусствосуна эбегейсиз зор эмгек сиңиришти. “Ажал ордуна” драмасы кыргыз адабияты менен искусствосунун 1939-жылы Москвада өткөн декадада ийгиликтүү коюлуп, көрүүчүлөр тарабынан жогору бааланган. Кыргыз ССРинин эл артисти В.Васильевдин эскерүүсүндө А.Корнейчук да жогору баа берген: ”... Мен жолдош Турусбековду чың дилимден куттуктагым келет. Бул чындыгында эле чоң драмалык деми бар элдик драма. Драматург көрсөткөн окуялар - кыргыз элинин 1916-жылкы көтөрүлүш тарыхы көркөм образдар аркылуу ачылат. Спектаклдин негизги каарманы - эл, бул туура жана ушундай гана көрсөтүлүш керек болчу. Автор ушул негизги каарман аркылуу элдин акылмандуулугун, эрки күчтүүлүгүн эркиндикке жана бакты - таалайга карата умтулушун көрсөтө алган. Кыргыз тилине түшүнбөгөнүмө карабастан, мындагы окуялар менен түзүлгөн образдардын галереясы

мени толкундатпай койгон жок. Кыргыз эли ушул жаркыраган таланттуу чыгармасы үчүн, анын авторуна татыктуу алкыш айтат (Васильев В. Слово о друге. / Советская Киргизия, 1960, 24 декабря). Ж.Турусбековдун "Ажал ордуна" музыкалуу драмасынын жанрдык - стилдик жагынан кыргыз драмасына тарыхый теманы алып келгендиги менен баалуу. Белгилүү жазуучу жана драматург К.Маликов: "Кыргыз драматургиясынын үлгүсү Ж.Турусбековдун "Ажал ордуна" драмасынан башталат", – деп объективдүү пикирин айткан (Маликов К. Замандаштарым жана каламдаштарым. –Ф.: 1964, 153 б.).

"Ажал ордуна" пьесасы Ж.Турусбековдун драмалык түрдүн спецификасын кыйла өздөштүрүүгө жетишкендигин айгинелеген, автордук идеяны, мазмунду, драманын образдык системасында, катышуучу каармандардын жүрүм-турумунда бере алган, кыргыз драматургиясында өзүнчө жаңы көркөм кадам жасаган жаңычыл чыгарма болду" – дейт, белгилүү окумуштуу С.Байгазиев (Байгазиев С. Талант жана адабий прогресс. –Б.: Алтын принт, 2012, 198-б.)

Ж.Турусбеков бул драманы жазууда чыгармачылык көп даярдыктарды башынан кечирген, анын үстүнө, жалгыз энеси менен Кытайга качып барышып, өз көзү менен көргөн трагедиялуу окуялар, азап-тозоктор драматургдун таза жүрөгүнө так салып, сезим-дүйнөсүнө мөөрүн баскан. Драманын жаралышына ушул өйдөкү шарттар түздөн-түз таасир эткендигине мугалим токтолуп өтөт.

Белгилүү окумуштуу В.Я.Стоюнин, кийинчирээк А.М.Рыбникова драмалык чыгармаларды окутууну баштоодо, андагы негизги конфликтти чечип алуунун зарылдыгын жана окуянын өнүгүшүнө карата анализ жүргүзүү керек экендигин белгилеп кетишкен. "Ажал ордуна" драмасындагы борбордук конфликт катышуучу каармандардын, же улуттардын ортосундагы конфликт эмес, эки социалдык күчтүн, эзүүчү тап менен эзилүүчү таптын ортосундагы, б.а., падышалык–колониялык өкмөт, жергиликтүү бай – манаптар жана эзилген эмгекчи массалардын ортосундагы айыгышкан кагылышуу түзөт. Бул белгилүү методисттердин методикалык көрсөтмөлөрүнө таянып, окуучулардын таанып–билүүсүндөгү жана курагындагы өзгөчөлүктөргө ылайык иш жүргүздүк. Биз мында "Ажал ордуна" драмасын окуянын өнүгүшүнө карата мугалимдин проблемалык баяндоосу аркылуу үйрөнүүнүн (окуучуларды жарым–жартылай катыштыруу менен) үлгүсүн иштеп чыгууга аракеттенебиз. Окуянын өнүгүшүнө карата байкоо жүргүзүү катышуучу каармандардын мүнөзүн терең түшүнүүгө жардам берет, анткени алардын мүнөзү окуянын курч чыңалуусунда, конфликттердин чечилишинде аныкталат.

Окуучулар "Ажал ордуна" чыгармасын үйдөн окуп келишип, драманын сюжети, негизги окуялары, башкы оң жана терс каармандары менен таанышкан. Мугалимдин проблемалык баяндоо методу менен лекция жүргүзүүсү драмадагы төмөнкүдөй негизги проблемаларды чечүүгө багытталат:

"Ажал ордуна" драмасындагы конфликт жана негизги кыймылдаткыч күчү; эки кабат эзүүгө каршы күрөштү кимдер жүргүздү; драматург пьесанын борборуна кайсы тапты жана кимдерди койду; драмада драматизмге жык толгон окуя жана сценалар; драманын финалында конфликтинин чечилиши; чыгарманын идеялык маанисин түшүнүү ж.б.

Класста Ж.Турусбековдун "Ажал ордуна" драмасын бүтүндөй окуп чыгууга мүмкүн эмес, ошондуктан негизги сценалардан үзүндүлөр проблемалык баяндоонун учурунда мугалим тарабынан окулуп, ага тиешелүү комментарийлер берилип жүрүп отурат.

Бул пьесанын конфликтисин аныктоодо, окуянын өнүгүшүнө жана чечилишине байкоо жүргүзүүдө чыгарманын көркөм- эстетикалык "сырын" ачууга чоң жардам берет.

“Пьесанын башынан аягына чейин массалык сценалар, борбордук сценалар болуп саналат: падышанын жарлыгын талкуулоо, көтөрүлүш, Ысык-Көл менен коштошуу, Кытайдагы сценалар, туулган жерге кайтуу ж.б. Бул массалык сценалар драмага монументалдуулук жана эпикалык мүнөз берет” (Борбугулов М. “Ажал ордуна” кыйын сындан- убакыттын сыноосунан өткөн чыгарма. / Китепте: Советтик Кыргызстан адабияты. - Ф.: Кыргызтан, 1958, 328-б.).

Эгерде ушундай болсо, анда драманын экспозициясы, сценанын декорациясы жана мизансценасы, драманын конфликтисинин башталышынан кабар бере алабы?

Мугалим да көшөгө ачылгандагы сценанын жасалгасы, б.а., декорациясы, мизансцена менен окуучуларды тааныштырат. Күзгө таяп калган учур. Карагай, арчалуу капчыгай. Өрдөп барган жери дөңсөө, бир жагы кокту сымалдуу. Жогортон коктуну көздөй агып жаткан кашка суу. Ыраактан ырдап келе жаткан кыз-келиндердин үнү. Булар сууга келе жатышкан кыз-келиндер. Драманын экзпозициясы Искендер менен Зулайканын диалогунан башталат. Ал репликалар (Турусбеков Ж. Чыгарманын 1 томдугу.- Ф.:Кыргызстан, 1972. 198-б.) болуп жаткан окуя жөнүндө кабардар болууга мүмкүнчүлүк берет жана Искендер менен Зулайканын мүнөздөрүнөн аздыр – көптүр “даам таттырат”. Зулайканын оюу боюнча жигит зордукка көнбөөсү керек, күчтүүгө каршы күрөшүү керек. Анын “Зордукка жигит чыдайт бекен?” деген суроосу жана “Анда жигиттин кайратынын жоктугу”, – деген репликасы Искендердин намысына тийет. Кезегинде, Искендер да Зулайканын болуп жаткан окуяга оюн билгиси келип, “зордук күч болсо, чыдабай кантесиң” деген арсар жообун берип, аны сыноо максатында айтып жатат. Бул диалогдо конфликттин башталышы билинер-билинбес болуп көрүнөт. Падышанын аскер алуу жөнүндөгү жарлыгын уккан жаамы журт чогулуп, ага баруу, барбоо жөнүндө кеңеш курушат. Драмадагы Искендер менен Бектурдун жана элдин, калың журттун адам чыдагыс оор абалын көз алдыга элестетүү кыйын эмес.

“Кедей жашы качан акпай токтолот,
Кедей жогу качан эми жоголот,
Көкүрөктө калың кайгы чер болду,
Шордуу журт ай качан эми козголот”... (Турусбеков Ж. Чыгарманын 1 томдугу. - Ф.:Кыргызстан, 1978, 325 – б.).

Бул сцена мугалим тарабынан үн жазгычтардан уктурулат. Элди бир жагынан падышалык-колониялык өкмөт, экинчи жагынан жергиликтүү байлар моралдык – материалдык жактан тебелеп тургандыгынан, акыйкатта, калктын абалы өтө оор эле. Ушундай катаал турмуштан кутулуунун жол-амалын издеген элге Искендер жалындуу сөзү, өткүр кеңеши менен кайрылат. Ушул сценадан баштап конфликтинин маңызы ачык жана даана көрүнө баштайт.

Мына ушундан кийин “Каармандардын бир-бирине болгон байланышы, алардын өз ара мамилеси кандай?” деген суроо коюлат.

Бул суроону чечүүдө мугалим окуучулардын көңүлүн башкы каармандардын кебине бурат. Мисалы, Максүттүн: “Журт! Кудайдын салганы ушул, Ажалыбыз болсо өлөрбүз, азабыбыз болсо көрөрбүз. Ана-мына деп акылдан адашпайлы. Бир кудай өзү паана, бүгүн өйүздөн киши келет. 18ден 42ге чейин ар бүлөбүз солдаттыкка барып берели” (Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу.Ф.: Кыргызстан, 1972. -196 - б.), – деген “өтүнүчүн” эл кабыл алган жок. Эл массасы падышанын жарлыгын талкуулашып, ага түп көтөрө каршы турушту. Ал эми Искендер чечкиндүү түр менен “Бай-манаптын балдары

үчүн барып өлгүчө, ушул жерде өлөлү. Камданалы курдаштар! Жетет эми!”- деген, кескин пикирин айтты (Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. Ф.: Кыргызстан, 1972, 196 - б.). Мына мындан биз таптардын ортосундагы кагылышка күбө болуп отурабыз, - дейт мугалим. Бектур, Искендер жана дагы башка көпчүлүк “ушул жерден өлүүнү”, б.а., падыша бай- манаптарга каршы эркиндик үчүн чыгууну жакташат. Ал эми Мамбетке окшогондор “алчу солдатын берип тыналы” дешет. Мамбеттин сөзүнөн аны эл душманы экенин окуучулар комментарийсиз эле түшүнүп, сезишет. Кедейлер солдатка кетсе, анын эмнесинен коромок элек , кайра тынчыраак болот деп жорушат Мамбет өңдүүлөр. Окуучулар бул сценадан, даана айтканда, каармандардын репликасынан, диалогдордун мүнөзүнөн, кыймыл-аракеттеринен, мамилелеринен, мимикаларынан, алардын кандай абалда тургандыгын конкреттүү айтып беришет. Айрыкча, Искендердин элге жана Бектурга кайрылып айткан сөзү, ага берген жооптордун мүнөзү, деми адамдардын социалдык-психологиялык чыңалуусун, коомдук ой-пикирлердин жаңыча толкунунан кабар берип турат. Бул сценадан таптык конфликт ачыкка чыгат.

Окуучулардын көз алдыларына 2-сүрөттөгү көрүнүш тартылат.

Ары жакта карагай, арчалуу тоо, бери жакта дөң. Дөңдүн туурасы Ысык-Көл, дөңдө Бектур жана Карымшак олтурушат. Мылтыктын үндөрү угулат. Эл массасы өздөрүнүн эркиндигин талашып, курал-жабдык жасашып көтөрүлүшкө чыгышат. Эл кош кабат эзүүдөн кутулуунун бир гана жолу–эл куралдуу көтөрүлүшкө чыгуу керек экендигин биротоло чечишет. Муну менен окуя өнүгөт. Класста Бектур менен Кармышактын ариясы үн жазгычтан уктурулат.

“Ай, канкорлор кан ченгелин салды бейм,
Калың кыргыз канга батып калды бейм!
Дүрдүгүшүп кайра качты биздин кол,
Калдайган журт чоң мертинип калды бейм”
(Турусбеков Ж Чыгармаларынын бир томдугу.- Ф.: Кыргызстан, 1972, 201 - б.).

Согуш куралдары менен толук жабдылган падыша аскерлери примитивдүү жабдылган көтөрүлүшчүлөрдүн мизин кайтарып, аларды катуу кыргынга учуратат. Окуучулар улуттук - боштондук кыймылдын негизги жетектөөчү күчү кедей – кембагалдар экендигин, акыйкатта, жазуучу “Ажал ордуна” драмасынын борборуна элдин эркиндигин талашкан Искендердин образ - мүнөзүн койгондугун байкашты. Душмандын күчтүү экендигин сезген Искендер, өлгөндөн калган эл массасын кытай жерине өткөрүүгө умтулат. Бирок бул оңой-олтоң эле ишке ашкан жок. Алымбай, Максүт өңдүү жергиликтүү төбөлдөр каршылык көрсөтүштү, албетте, алар элден жөн эле кол жууп калгысы, жөнөкөй эле кетирип жибергиси келген жок. Ошондуктан эл массасынын жетекчиси Искендер калк камын терең ойлонду. Жөө - жалаң калган Зулайканын ата-энесине унаа жагынан каралашты. Каршылык көрсөткөн Алымбайды атып салды. Пьесада элдин Ысык-Көлү, Ата Мекени менен коштошкон сценасы драматизмге жык толгон, ошондуктан, ал эпизод класста көркөм окулат. Көтөрүлүшкө чыккан эл, теңдешсиз жоодон мертинип, туулуп өскөн туурун таштоого аргасыз болушту.

Туулуп өскөн кең Ысык-Көл калдыңбы?
Заман чиркин, каарыңа сен алдыңбы?
Кең Ала-Тоо, мынча неге томсордуң?
Бооруңдагы элиңди сен тандыңбы?
(Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. -Ф.: Кыргызстан, 1972, 205 - б.).

“Элдин Ысык-Көл менен коштошкон жери өзүнүн эпикалык кеңдиги жана тереңдиги, эмоцианалдык күчү жагынан драманын жеткен жогорку чекитинин бири болуп саналат. Драмадагы  баатырдык пафос трагедиялык мотив менен алмашат” (Борбугулов М. “Ажал ордуна” кыйын сындан – убакыттын сыноосунан өткөн чыгарма. / Китепте: Советтик Кыргызстан адабияты. –Ф.: Кыргызмамбас, 1958, 332-б.).

III сүрөт кытай жериндеги окуяны сүрөттөө менен башталат. Учей-Фунун короосу, катын - бала аралаш калың кыргыз. Алдыңкы планда – Искендер, Бектур, Кабылдар. Баарынын маанайы пас, оор жүк баскандай. Драматург эл кытай жерине барганда таптык карама-каршылыктын динимикасын бошоңдотпойт, тескерисинче, реалдуу абалда курч сүрөттөйт. Кедейлердин чекеси бөтөн жерден да жылып кеткен жок. Элдин трагедиялуу абалын автор психологиялык - драмалык конфликттерде көрсөтөт. Мугалим окуучулардын көңүлүн бир чейрек унга сатылган Зулайкага жана анын карыган ата-энесине бурат. Бул эпизоддор ролдор боюнча окулат. Өзөк жалгар аш-суусу түгөнүп, амалы куруган абышка-кемпир кызы Зулайканы бир чейрек унга сатууга аргасыз болушат. Окуучулар бул эпизоддон Учей-Фунун  Максүт, Алымбайдан айырмасы жок зулум экендигин баамдашат, таптык-социалдык тегин аныкташат. Кыргыз манаптары: Максүт, Мамбет бул жерде кытай феодалы Учей-Фу менен тил табышып алып, азгын элди мурункудан катуу эзет.

IV сүрөт  Учей-Фунун эки кабат үйүндө өтөт. Учей-Фу, Гуан-Сиуа, Максүт Искендердин кылык-жоругун талдашы, аны жок кылуу жөнүндөгү планды түзүп отурушат. Сүткор Учей-Фу Зулайкага нике кыйдыра турган оюн Максүткө айтат ж.б. Ал эпизод ролдор боюнча окулат.

Кыргыз жергесинде Улуу Октябрь социалисттик революциясы жеңип, эзилген кара таман кедейлерге эркиндик алып бергендиги кытай жергесиндеги качкындарга да угулат.

V сүрөт элдин кайра туулуп өскөн жерге, Ысык-Көлгө кетүү жөнүндөгү толкундоосу менен башталат.

Бул жерде дагы тынчтык жок,  
Кайра Көлгө кетели,  
Эгер макул болсоңор  
Көл кайдасың дешели...

(Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. -Ф.: Кыргызстан, 1972, 225 - б.).

Элдин ариясы үн жазгычтан уктурулат. Себеби, музыкалуу драмадан элдин, айрым башкы каармандардын көңүл жайы, мүнөзү дал ушул арияларда, жалпы элдик ырларда тереңирээк ачылат. Максүт адатындай элди сөзгө муютуп, бөтөн жерге калтыруунун амалын издейт, бирок калк активдүү күрөшкө чыгат.

VI сүрөттө калың мүрзөнүн арасында мамыга байланган Искендердин кыйын абалы. Окуучулар Зулайка менен Искендердин жолугушуусундагы диалогду ролдор боюнча окушат. Литун -Чандын жардамы менен Искендер бошонуп, Максүттү өлтүрүшөт. Драманын финалында үрккөн эл Ысык –Көлгө кайтып келет. Октябрь революциясынын жеңишин кубанычтуу тосуу менен окуя чечилет.

Драмадагы конфликт жана негизги сюжеттик линиялар жөнүндөгү жогорку сыяктуу баяндоодон кийин мугалим окуучулардын көңүлүн төмөнкү суроолорго бурат:

Улуттук - боштондук кыймылдын негизги кыймылдаткыч күчү кимдер жана ал кайсы таптын өкүлдөрүнүн аракетинен көрүнөт? Драматург кимдерди жана кайсы тапты драманын борборуна коет жана максаты эмнеде?

Бул суроолорго карата мугалимдин баяндоосу төмөндөгүдөй болот.

Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасынын негизги идеясы – кыргыз элинин эркиндик - теңдик үчүн болгон күрөшүн, элдин биримдигин, достугун даңазалоо болуп саналат. Улуу Октябрь социалисттик революциясы, сөздүн толук маанисинде, трагедиянын алдында турган кыргыз элин ажалдан  сактап, анын ордуна өмүр жана келечек берди. Мына бул идея драмада эзилген эл массасынын өкүлдөрү Искендер, Бектур, Зулайка жана башкалардын драматизмге жык толгон образдары аркылуу ишке ашырылган.

Мугалим Искендердин образын үйрөтүүнү анын портрет – мүнөзүн окуучуларга элестетүүдөн баштайт. Искендер – кайраттуу, толмоч, жашы 25 тердеги жалгыз аттуу, жайдак тондуу кедей жигит. Душмандын күчтүү экендигин, күрөштүн тең болбостугун Искендер билет. Ошондуктан адамдардын ой- пикирин угуп, кеңешет. Каарман элди түз эле көтөрүлүшкө чакырган жок, качан гана душмандарга каршы колуна курал  алып, үркүнгө даяр экендигин билгенде гана элди козголоңго чакырат. «… Аттарды такалатып, найза, шалк этме, чоюн баш жасаткыла. Мылтыктууңар ок, дарыларды  камдагыла . Туулдук – өлдук. Азамат эл  четинде, жоо бетинде деген кары сөзү эсиңерде болсун…» (Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. Ф.: Кыргызстан, 1972, 199 - б.). Бирок, Искендер душмандын күчтүүлүгүн туят, өзүндө жетишерлик жарак–жабдыктардын жоктугун жана тажрыйбасыздыгын айтып кейийт

Кармашкан жоого түшө элек,
Чынжырын толгоп үзө элек.
Баралына жетпеген,
Биз балапан күч элек,
Кандай болот карыя?!

Искендердин ал сөздөрү аркылуу автор ырайымсыз жоого аттанган жоокердин психологиялык абалын бергендигин тажрыйбалык класстын окуучулары белгилей алышты. Көтөрүлүш мезгилинде Искендер кедейлердин башында жүргөнүн көрөбүз. Ал окуучулардын көз алдыларында эр жүрөк жана чечкиндуу жоокер, кедейлердин жетекчиси болуп көрүнөт.

Көтөрүлүш мезгилиндеги Искендердин кебетесин  Бектур: “Каруруга найза илиптир, атты тандап миниптир. Көчө жөнөтүп келаткан, те кабылан сындуу жигиттин”, -деп сүрөттөйт.

Мугалим окуучуларга, Искендердин эл менен болгон байланышы жана  аларга жасаган камкордугу кандай? - деген суроо коет.

Окуучулар Искендердин дайыма эл менен бирдикте экендигин, эл массасы менен акылдашып иш кыларын жана кыйын учурларда көмөк көрсөтөрүн айтышат. Анын элге, айырыкча жөө-жалаңдап калган Зулайканын ата-энесине жасаган жардамын окуучулар баса көрсөтүшөт. Бай-манаптардын кара ниеттигин билген Искендер аларга тике карап, айыбын ачат, а түгүл, керек жерде Алымбайды атап салгандан да кайра тартпайт, - дейт окуучулар.

Искендердин ого бетер кайратуу болушуна, көзүнүн дагы ачылышына эмне себепкер болду?

Бул суроого жоопту берүүдө төмөнкү диалогдорду, репликаларды, конфликттерди жана көрүнүштөрдү бөлүп көрсөтүү аркылуу чечмелеш керек. Элге ок атуудан баш тарткан Григорийдин, жолдошторунун кандуу кармашта мерт болушу, ата-энесинен

ажырашы, кытай жеринде кыйынчылыктар Искендердин аӊ-сезимине өзөчө таасир этти, аны ого бетер кайраттуулукка шыктандырды жана курчутту. Кытай жеринде да Искендер элдин духун көтөрүүгө аракет кылып, аларга кайрат айтат жана алдыӊкы катарда турат.

Зордукка мынча чыдадык,
Дагы кайрат кылалык.
Кайраттан журтум, кайраттан,
Дагы кайрат кылалык!

(Турусбеков Ж. Чыгармаларынын бир томдугу.- Ф.: Кыргызстан, 1972, 210 - б.).

Чоочун жерде да Искендердин бай-манаптарга болгон жек көрүүсү күчөп, кыязы, саясий-таптык сезими артат. Болуш болгон Максүттүн бетин ачат. Мындай ызага чыдабай, Максүт Искендерди колго түшүрүп, өлүм мамысына байлатып койгондо да, анын духу мертинбеди, башка түшкөн бардык кыйынчылыктарды майышпай жана мүгдүрөбөй көтөрөт.

Искендер кедей-кембагалдардын каарман өкүлү, анын боштондук үчүн болгон күрөшүнөн өз доорунун алдыӊкы адамы экени билинет. Драматург Искендерди эл массасынын жетикчиси кылып көрсөтүү менен Зулайкага болгон назик сүйүүсүн айкалыштырат. Айлана - чөйрөгө, шартка жараша драматург образ - персонаждардын кебин түзө билген. Чындыгында, драмада каармандын мүнөзү автордук баяндоосуз, анын иштеген ишинде, коомго, адамдарга болгон мамилесинде ачылат. Булардын бардыгы тилдик каражаттардын жардамы менен берилет. Мугалим драмадагы мүнөздү ачууда адабий тилдин ролун түшүндүрүш үчүн кандай кырдаалдарда, кандай сөздөрдү пайдалануу аркылуу ачып жаткандыгын таамай мисалдар менен көрсөтүшү керек. Ошондуктан мугалим окуучуларга башкы каармандын Бектур карыяга, Максүткө ж.б. жасаган мамилесин, албетте, диалогдордон, репликалардан таап салыштырат. Мисалга, Искендер дайыма кеӊеш сурап Бектурга кайрылат:

“Көптү көргөн карыя,
Эл камакта калды да”–

деп, ызаат менен сүйлөйт. Ал эми эл душмандары менен чечкиндүү, кайраттуу, керек жерде мыскылдап сүйлөшөт. “Жок кеп. Максүт, болуш болсоӊ болгондурсуӊ, анан бул жерден жер, суу алып берем деп, башты айландырбачы!” ж.б.

Искендер–эркиндик үчүн күрөшкөн, кыргыз жигиттеринин типтүү образы. Мугалим окуучуларга төмөнкүдөй схема түздүрүп, тексттен мисалдар менен бекемдеп келүүгө тапшырма берет.

| Искен-дердин келбети, мүнөзү, касиет-тери (үзүндү) | Искендердин эл менен байланышы жана аларга болгон камкордугу (үзүндү) | Искендер жөнүндө каармандардын ою (үзүндү) | Искендер-дин Бектурга жасаган мамилеси (үзүндү) | Искендер-дин терс каараман-дарга жасаган мамилеси (үзүндү) | Искендер жана Зулайка (үзүндү) |
|---|---|---|---|---|---|

Албетте, мындай стилистикалык схемалар окуучуларды негизги диалог, репликаларды табууга, алардын маанисин түшүнүүгө, кеп байлыгын өстүрүүгө жардам берүүнүн активдүү ыкмасы экендигин тажрыйба көрсөттү.

Баяндоонун акырында мугалим Искендердин образы жөнүндө окуучуларга чың жана терең билим берүү максатында, анын ролун аткарган артисттер жөнүндө чакан аңгеме курат .Аңгемеде  мугалим сахнадан тартылып алынган сүрөттөрдү иллюстрация катары пайдаланат.

Мугалим драманын экинчи бир башкы каарманы Бектурдун образы жөнүндөгү баяндоосун баштоодон мурун, жазуучунун элдик оозеки адабияттык үлгүлөрүнө чыгармачылык менен мамиле жасоосуна токтолуу шарт.

Драмада  Ж.Турусбеков жараткан образдардан кимдин образы  эпостук чыгармалардагы  кейипкерлерди эске салат?

Эгерде андай образдар болгон болсо, ал кандай оригиналдуулугу менен айырмаланып турат? деген суроолорду коёт да, окуучуларга Бектурдун образы кыргыз элинин  “Манас” эпосундагы Бакайдын образына жакындап келерин, бирок, драматург эпикалык образды механикалык түрдө эле көчүрүп албагандыгын, кейипкердин үстүндө  чыгармачылык менен иштеп, ага жаңы идеялык-көркөмдүк сапат, касиет бергендигин түшүндүрөт. Жашынын эңкейип калгандыгына карабастан, дайыма Искендерге кеңешчи, жолдош жана баатыр. Бектур-кедей-кембагалдардын өкүлү. Ошондуктан адилетсиз  падышанын буйругунун бетин ачып, ага каршы чыгат.  “Максүт сен ак падыша, ак падыша дейсиң, ак падыша биз үчүн эмне кылып берди? Бал тилиңди салып, бизди алдап эмне кыласың. Солдат бербейбиз  деп жатат деп, ак падышаңа барып айтсаңчы. Көп кептин эмне кереги бар” (Турусбеков Ж. Чыгармаларынын бир томдугу. Ф.: Кыргызстан, 1972, 197 - б.). Эң кыйын учурда эл Бектурдун кеңешин угушат, аны менен кайгы-капасын бөлүшөт. Ал эми Бектур болсо, ар дайым аларга акыл айтат жана кайрат берет.

Искендер сыяктуу Бектурдун да патриоттук сезими күчтүү. Ата журтуна болгон сүйүүсү бийик, ошондуктан кытай жеринде жүргөндө да “Көркү сонун Ысык - Көл, Ысык - Көл жер соорусу, буга жер жетеби, аттиң ай десеңчи...” (Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. - Ф.: Кыргызстан, 1972, 226 - б.) – дейт. Ошентип, көлгө кайра кетүүгө элди үндөйт.

Окуучулар Бектур менен таанышкандан кийин анын сөздөрүнөн көптү көргөн, кайраттуу, жашы көпкө кеткен болсо да, сөөгү мыкты, жайкалган ак сакалдуу карыя экендигин элестетишет.

Тажрыйбанын жүрүшүндө мектеп окуучуларына  дил баян жаздырганда, алар Бектур карыяга болгон урмат-сыйын, кадырлоосун жаап-жашырбайт. Мисалга, Нарын шаарындагы Токтогул атындагы орто мектептин окуучусу Ж. Искак  минтип жазат: “.... Бектур карыя – жашы 80дерге барып калган, ошентсе да демдүү, күчтүү, акыл-эси жайында, токтоо, эл урматтаган, сыйлаган ак сакал карыя. Бектур карыянын эң жогорку сапаттарынын бири – элдин аны сыйлап, урматтап, андан акыл сурап, жаамы журттун кадыр-баркына жеткендиги. Карыя элге “тар жол, тайгак кечүүдө” туура багыт берип, көпчүлүктүн  максат- тилегин түшүнөт. Дайыма калк менен бирге болуп, элдин жашоо-тиричилигин, келечегин ойлонуп, карапайым адамдарга боор тартып, колунан келишинче жардам берет. Бектур карыя бир гана элди баштоо менен чектелбестен, ал керек, зарыл учурда колуна курал алып, жоо беттейт. Карыя өзүнө-өзү чоң талап койгон, күрөшчүл адам. Ошон үчүн  ал жан дүйнөсүндө  биз кармашпасак, ким күрөшкө чыгат. Карыдык, талдык деп жата берсек болбойт, эркиндик үчүн күрөшүү гана керек, азаттыкка чыгуунун башка жолу жок деген каарман. Жатып өлгөнчө, атып өлүү, кылымдар бою  эзүүдө жашагандан көрө  бир күн азаттыкта жашоо - Бектур карыянын жашоодогу башкы

принциби. Кедей-дыйкандардын заманы келерине акыл жүрөгүндө ишенген, сөздүн толук маанисинде, элдик патриот".

Окуучулар Зулайка менен пьесанын башталышында көңүлдүү ыр ырдап, сууга келген жеринен таанышат. Автордун ремаркасы боюнча 17-18 жаш чамасындагы келбеттүү, сергек, назик кыз. Искендердин "Баарыбызды зордук менен солдатка алып жатат" дегенин угуп, Зулайка: "Зордукка жигит чыдайт бекен? деген репликасын таштайт. Искендер: "Зордук күч болсо чыдабай кантесиң?". Зулайка: "Анда жигиттин кайратынын жоктугу". Ичинен Зулайканы жакшы көрүп жүргөн жигитти бул сөз ойго салат. Анткени жигитте кайрат болбосо, өз намысы үчүн күрөшө албаса, ал кыздын сүйүүсүнө татыктуу эмес. Экинчи жолу окуучулар Зулайка менен көтөрүлүш убагында, эл кытайга качып жаткан маалда жолугушат. Бул сценада Зулайка менен Искендердин ортосунда эч кандай диалог болбойт. Автордун ремаркасындагы ал көз караш кыйынчылыкта жардам бергендиги үчүн Искендерге болгон алкышын билдирүүчү, же ага карата болгон сыймыктануу сезимин туудурган көз караш экендигин окуучулар баамдашат.

Мугалимдин Зулайканын образы жөнүндөгү баяндоосу "1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылдын учурундагы кыргыз кыздарынын трагедиясы жана патриотизми кимдин образы аркылуу көркөм жалпылаштырылган?" деген суроону коюп, алардын көңүлүн Зулайканын образына топтошот да андан кийин төмөнкүлөргө токтолот.

1916-жылкы "үркүндөгү" аялдардын тарткан азап-тозогун драматург Зулайканын образы аркылуу ишке ашырган. Жокчулуктун айынан карыган абышка - кемпир кызын бир чейрек унга сатканда, кайгыга баткан Зулайка таш боор заманга наалат айтып, ата-энесинен ажырай албай ыйлайт. Бул психологиялык-драмалык монолог класста окуучулар тарабынан жатка айтылат.

.....Кагылайын энеке,
Кантип мени саттыңар.
Ак мамаңды аймалап,
Эмдим эле энеке,
Жалгызым деп, сен ар убак,
Келдиң эле энеке!
Аягы келип ушундай,
Болмок беле убайым,
Айтсаңарчы калайык,
Айтсаңарчы угайын!..

Окуучулар Зулайканын чыныгы сезиминен чыгып жаткан психологиялык-трагедиялык абалын көрүп, теңсиздик заманга карата болгон нааразылыгын, өкүнүчүн, жан дүйнөсүндөгү аны коргоо, аео, жактоо, күйүү сезимдерин жашырышпайт. Зулайка өзүнүн адамдык баасын билет, кайрат кылып, сүйгөнүнө жетүү үчүн бардык кыйынчылыктарга чыдайт жана кармашат, күрөшөт.

Зулайка менен Искендердин жолугуу сценасы драматизмге жык толгон. Ошондуктан мугалим бул учурду окуучуларга дагы терең түшүндүрүү максатында баяндоонун андан аркы уланышын убактылуу токтотот да, ал эпизодду күн мурунтан окуучуларга бөлүнүп берилген тапшырма боюнча бөлүштүрүп окутуу, айттыруу жумушун ишке ашырат (Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. -Ф.: Кыргызстан, 1972, 237 - б.).

Мугалим андан кийин баяндоону төмөнкүчө улантат, драмада экөөнүн ортосундагы мамиле, алака- катыш, реалисттик ойлоонун мыйзамына ылайык сүрөттөлөт.

Ж.Турусбеков бул сценада каармандардын ой -сезимин, ички толгонууларын, психологиялык ал жайын экстаз абалына алып келбестен, образдардын кебиндеги көркөмдүк каражаттарды, туюнтмаларды орду менен пайдаланган. Зулайканын таптык сезими, эркиндик жөнүндөгү ойлору адегенде эле ойгоногон жок. Зулайка акырындык менен азаттык үчүн күрөшкө аралаша баштайт. Максүттүн Искендер жөнүндөгү “жоболондуу” оюн угуп, Бектурга билдирет, аста-аста эркиндик үчүн күрөшкө активдүү аралаша баштайт. Драматург бул аркылуу образдын таптык-социалдык көз карашын, таанып билүүсүнүн эволюциясын аныктайт. Зулайканын Октябрь революциясынын жеңишин маңдайы жарыла тозуп алган эпизоддогу монологу көркөм окуу (Турусбеков Ж.Чыгармаларынын бир томдугу. -Ф.: Кыргызстан, 1972, 239 - б.) аркылуу мугалимдин Зулайканын образы жөнүндөгү баяндоосу жыйынтыкталат.

Драмада башкы образдарды кандайдыр бир даражада толуктап турган бир нече каармандар көрсөтүлөт. Ал образдар жөнүндө мугалим баяндоосун өзү улантпастан, класска фронталдуу суроо берүү менен баштайт.

Автордун Григорий, Литун-Чандын образдары аркылуу берейин деген оюу, максаты эмне?

Григорий менен Литун-Чандын образын салыштырып көргүлө?

Тажрыйбалык класстарда окуучулардын жообу төмөндөгүдөй болду. Григорий менен Литун-Чандын образдарынын “Ажал ордуна” драмасындагы көркөм-эстетикалык мааниси зор. Драматург бул образдар аркылуу эмгекчилердин арасындагы эң биринчи иретте, орус эли менен кыргыз элинин ортосундагы достугун даңазалаган. Григорий эрк талашкандарга ок атууну каалабайт, ошондуктан өзүнүн жолдошторун туура жолду табууга чакырат, үндөйт. Григорийдин образынан таптык сезими кыйла жетилген, үстөмдүк кылуучу таптын максат-маңызына эчак түшүнгөн жөнөкөй орус дыйкандын тибин көрүүгө болот. Драманын акырында Григорий партизандар менен келет, демек, ал туура жолду тапкан, эркиндик жана теңдик үчүн акырына чейин күрөшөт.

Окуучулар Литун-Чанды Учей-Фунун кол алдында жалданып иштеген малай экендигин тексттен белгилешет. Кытай жеринде өзүн болуш кылып шайлап алган сүткор Максүт кыргыз дыйкандарын арзан баага малайлыкка сатканда, Учей-Фу Литун-Чанды жана жолдошторун бошотуп жиберет. Литун-Чандын коомдук акыл-эси чектелген, таптык сезим пассивдүү. Ошондой болсо да, өлүм мамысында жаткан Искендердин бошонуусуна жардам берет. Литун-Чан драманын финалында качкын кыргыздар менен бирдикте Ысык-Көлгө келип, Октябрь төңкөрүшүн кубанычтуу тосот.

Максүт ким жана анын мүнөз-касиеттери кайсы сценаларда ачылат?

Автор Максүт аркылуу митайым, элди бал тили менен алдап, аларды эзип келген, канкор манаптын образын берген. Максүт дайыма элге сыпайы түр менен кайрылат. “Кечээ күнү бир-бирибизди сыйлашчу элек го. Улуубузду кичүүбүз көтөрүп, ак падышанын айтканын орундап бейкут жаткан эл элек. Бүгүн бизге эмне болду? Элден, журттан чыккан терс аяктарды ээрчийсиңерби?... Уюткусу бар эл элек. Бузулбайлы... Ак падышанын эмирине бой суналы. Берүүчү солдатты берип тыналы”. Анын максаты элди алдап- соолап сөзгө муютуп, Искендерди “терс аякка” теңеп, өзү нысаптуу , нарктуу, ызаттуу адам болуп көрүнүп, эптеп солдатка киши жиберүү экендигин окуучулар күмөн санатпай түшүнүшөт. Максүт эч качан элден ажырагысы келбейт, ал кытай жеринде да өзүн кыргыздарга болуш кылып алат . Жөн жүрбөй элге жер, суу алып берем деп алдайт.

Жардам сураган абышкага “кайсы уруктансың” деп тескеп боор ооруган киши өңдөнүп, эки жүздүүлөнүп, ага жардам көрсөткөн болот.

Максүт автордун ремаркасы боюнча Учей-Фуга жардынын кызын көрсөтүшүнүн максаты эмнеде жана эмне үчүн Учей –Фу кызды бир чейрек унга сатып алды?

Максүттүн кара оюнда Учей–Фуга кошоматтык кылып, Зулайканы ага токолдукка алып берүү болчу. Максүт канчалык жылмайып сүйлөбөсүн, эл анын ким экенин билет. Ошондуктан эл аны: “Жойпу, түлкү, бал тилине салат”, – деп бетине айтышат (205-б.). Максүт элдин кайра Көлгө кетүү жөнүндөгү ойлоруна каргаша болуп: ”Падыша эмне “ме” деп эле, тагынан түшүп бермек беле. Искендер, сен ойду, тоону сүйлөп элдин башын айландырба. Элдин убалына калбагын. Жүрсөң өз жолуң менен жүргүн. Үрүмчүдөн кабар күтүп олтурабыз. Кудай оң жагын салса жер-суу алып каларбыз. Кетемин деп убара болбой, тынч оокатыңарды кылып тура бергиле”- деп, элди Кытайда калтырууга аракеттенет (227-б.). Бул аракети ишке ашпасына көзү жеткенде, Искендерди жоготуу керек экендигин Учей-Фуга айтып, элдин жетекчисин өлүм мамысына байлатат. Бирок, күрөшчүл эл Искендерди бошотушуп, Максүттөрдү өлтүрүштү.

Максүттүн образына айрым эксприменттик класстарда мүнөздөмө түздүрүп көрдүк, төмөндө Нарын шаарындагы  Токтогул атындагы орто мектептин окуучусу С.Акбар минтип жазат: “...Максүт – көптөгөн жылдар бою кедейлердин кактабай канын соруп келе жаткан кыргыз феодалы. Кедейлердин өлүмү, алардын оор турмушу Максүт үчүн тыйынга да арзыбайт. Анын өзүмчүлдүгүн, өз башын калкалагандыгын мына бул мисалдан көрүүгө болот. Максүт көтөрүлүштүн алдында ак падышага аскер берүү үчүн элди үгүттөп,  өз керт башын ойлосо, Кытай жерине барганда бечара кедейлерди арзан баа менен сатып, алардын арты менен болуштукка жетет. Зулайканын жарым чейрек унга сатылышына да Максүт себепкер болот. Максүт – эки жүздүү, митаам. Ал ак падышага аскер берем деп келгенде элдин толкундоосун дароо байкай коюп: ”...Буйругу керек болсо окуп берейин, болбосо биз эле  силерди  кантип өлүмгө айдайлы ...”- деп, эл камын көргөн адам катары өзгөрө  түшөт. Максүт эзүүчү таптын өкүлү. Мен Максүттүн образын карап олтуруп, анын кандай экенин көз алдыма элестеттим. Ал былчыйган семиз, курсагы чыккан, көзүнөн каары төгүлгөн  адам. Чаарала бети, анын кишиге жакшылыгы жок экенин айгинелеп турат. Мындай Максүткө окшогон эки жүздүү, митаам адамдарга өлүм...”

Драмадагы терс каамандардын бири – кытай феодалы Учей – Фу. Бул  өмүр бою адамдын күчүн пайдаланып, байып келе жаткан ач көз, сүткор экендигине мугалим айрыкча  басым  коет. Учей – Фуда адамдык сапаттар жокко эсе. Ал кыргыздар келгенде, мурунку малайларын кууп, иштен бошотот. Себеби эмне үчүн? Анткени, кыргыздарды Максут аларга арзан баага сатып жиберди. Зулайканы бир чейрек унга сатып алып, аны токолдукка алууну максат кылат. Искендерди  жок жерден күнөөлөп, анын колу-бутуна кишен салат. Учей-Фунун мына ушул сапаттарынын бардыгы анын канкор, таш боор, залим, элди эзип  иштетүүнүн негизинде баюуну эңсеген феодал экендигин, чын–чынында, тажрыйбалык класстын окуучулары белгилеп гана тим болбостон, текшерүүчү класстын окуучуларына караганда, каарманга карата болгон мамилесин, тагыраак тастыктаганда, Учей-Фуга жек көрүүсүн билдиришти. Айрым окуучулар М.Элебаевдин «Узак жол» романындагы Мамирмазиндин, К. Баялиновдун «Ажар» повестиндеги Сабитахундун, Чырдын образдыры менен салыштырышты.

Образ – персонаждардын сөзүнүн драмада мааниси эбегейсиз. Анткени, пьесадагы катышуучулардын образдары сүрөттөө жолу менен гана эмес, жалаң алардын сөздөрү, кеби, диалогу аркылуу түзүлөрү белгилүү. Пьесада катышуучу каармандардын социалдык-физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, таанып билүүсүнө, психологиясына, туткан кесибине ылайык ар биринин өзүнчө кеби бар. Ошондуктан образ – персонаждардын тилин окутуу маанилүү орунду ээлейт. Автор пьесада катышуучу каармандардын ар биринин мүнөз өзгөчөлүгүнө ылайык тилдик бөтөнчөлүктөргө ээ кылган. Негизинен, персонаждардын лексикасы кыргыз тилинин уюткусунан азыктанса да, ар бирөөнүн кептик стили ар башка. Мугалим окуучуларга стилдик эксперименттерди жүргүзүүдө төмөндөгүдөй схема түздүрсө, натыйжалуу болоорун тажрыба көрсөттү.

Бул схеманы толтурушкандан кийин, окучуулардан мүнөздөмө берүүнү оозеки таалап кылуу керек. Тажрыйбалык класстын окуучулары төмөнкүдөй мүнөздөмөлөрдү беришти. Искендердин афористтик формадагы кыска, өткүр, курч сөздөрү Максүттүн ыгы жок коолдолгон сөздөрүнө каршы турат. Окуянын чиеленишине, каармандардын психологиялык чыңалуусуна жараша алардын кебине темпераменттүү, кызуу сөздөр басымдуулук кылат. Буга автор көбүнчө кыска, күчтүү, ошол эле мезгилде элестүү фразаларды түзүү жолу менен жетишет.

| Искендердин кеби | Бектурдун кеби | Зулайканын кеби | Максүттүн кеби | Учей-Фунун кеби |
|---|---|---|---|---|
| Зоордук куч болсо, чыдабай кантесиң. Ким акмак, ким акылдуу экенин кандуу майдан көрсөтөт. Камчынын тагы жедеп өткөнү эсиңде болсун. Баш канжыгада, кан көөкөрдө. Туулдук-өлдүк. Азамат эл четинде, жоо бетинде. Атыша келсе атышып, | Ырас,балам журттан айла кетти. Мындай учурда элди камактан өзүң өңдүү азаматтар алып чыгуучу. Азаматтар майышпай жоого каршы баргыла. Ай канкор ай, кан ченгелин салды бейм. Калың кыргыз, канга батып | Айланайын, энеке, кантип мени саттыңар? Мен карыпты издеп алчу жок бекен ? Жаш өмүрдүн түшөр жери чок бекен? | Кечээ күнү бири- бирибизди сыйлашчу элек го, улуубузду кичүүбүз көтөрүп, падышанын айтканын орундап, бейкут жаткан эл элек. Бүгүн бизде эмне болду, элден, журттан чыккан селсаяктарды ээрчийсиңерби?.. Уюткусу бар эл элек. Бузулбайлы, падышанын айтканына бой суналы. Берүүчү солдатты берип тыналы. | Бербедим, колуңар жеткен жерден барып алгыла. Балаңды сатпасаң сатпа, өзүңдү кызматка ала албайм. Тарт эшек. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| сайыша келсе, сайышып, эл үчүн курман болобуз, чабыша келсе чабышып. Кайраттан журтум кайраттан, дагы кайрат кылалык. | калды бейм. Жоо этектеп алды го, кан ченгелин салды го. Эми айла не болот. Эл эсинен танды го, балдар. | | | |

Бектурдун акыл–насаат, накыл айткан дидактикалык маанайдагы сөздөрү, анын токтоо, оор басырыктуу мүнөзүнө, жашына ылайык келет. Бектур өзүнүн күйүнүч–өкүнүч, сүйүнүч–шаттыгын илептүү сүйлөм же сырдык сөздөр менен гана билгизбестен, сүйлөмдөгү айрым сөздөргө, сөз айкаштарына же бүткүл сүйлөмгө ар түрдүү кошумча экспрессивдүү, эмоциалдык маани берген бөлүкчөлөрдү жана адеп-ахлактык өңүттөгү сөздөрдү кенири пайдаланалуу аркылуу таржымалдайт.

Драмадагы Зулайканын эрксиз замандагы кайгы-капасы, күйүт-муңу, убайым-азабы, ой-санасы көбүнчө сурама атоочтордун, мүчөлөрдүн жана интонациянын жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр аркылуу бирилет. Адатта Максут сөзүн коoздоп, аземдеп, насаат, акыл, осуят айткан киши болуп, демдүү, эпкиндүү сүйлөйт. Бул анын куу, шум, митаам, эки жүздүүлүгүн толук чагылдырып отурат.

Учей – Фунун өзүнө таандык сүйлөө манерасы бар. Ал кескин, чукул кайрыгын одоно фразалар менен сүйлөйт. Албетте, бул анын байлыктын күчүнө чиренген өзүнүн жеке мартабасын, пайдасын гана көздөгөн эгоист , таш боор, алып –сатар, соодагер экендигин көрсөтүп турат . Жалпысынан, оң каармандар тарбиялык мааниси кубаттуу сөздөр менен сүйлөшсө, тескери каармандардын кебине одоно, орой лексикалык формалар мүнөздүү.

Драмалык чыгармаларды үйрөтүүнүн өзгөчөлүгү, аны окуу менен сценада коюлушун байланыштыруу болуп саналат. Эң негизгиси –коллективдуу түрдө спектаклди театрдан көрүү.

X класстын окуучулары коллективдүү түрдө театрдан “Ажал ордуна” музыкалуу драмасын көрүп келишкенден кийин, мугалим төмөнкү суроолор боюнча оозеки жооп алат.

1. “Ажал ордуна” спектаклинин идеялык-көркөмдүк маанисине баа бергиле.
2. Искендердин, Зулайканын, Бектурдун ж.б. каармандардын ролун аткарган актерлордун чыгармачылыгын жана аткаруу жөндөмдүүлүгүн, сахнанын жасалгасын, мизансценаны жана музыкалык коштоосун талдагыла.
3. Пьесанын автору менен спектаклди койгон режиссердун берейин деген ойлору дал келеби?
4. Спектакль жөнүндө өзүңөрдүн жеке оюңар.

Мына ушундан кийин, драма боюнча “Элдин бак-таалайы” (Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасы боюнча) деген темада реферат жаздырса талапка ылайык келет.

### 4.4.7. X класста А.Токомбаевдин "Өлбөстүн үрөнү" драмасын образдар системасы боюнча талдоо

Кыргыз адабиятынын программасында (Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин V-XI- класстары үчүн: 3-басылышы –Б.: ТАС,2006.-80-б.) А.Токомбаевдин "Өлбөстүн үрөнү" драмасы X класста кошумча окуу үчүн берилген. Биз төмөндө аталган чыгарманы үйрөтүүнүн методикасына токтолобуз.

Орто мектептерде драманы анализдөөдө аны композициялык жактан талдоо, башкача айтканда, драманы бирдиктүүлүктө, бүтүндүктө анализдөө жүргүзүү, окуучуларды пьесаны бүтүн, толук кабыл алууга үйрөтүүдөгү башкы маселелердин бири болуп саналат.

Чыгарманы мындай талдоо бүгүнкү күндө да ийкемдүү жолдордун бири болуп эсептелет. " Драманы терең жана кенен үйрөтүүдө чыгарманын композициясын окутуунун мааниси чоң" (Маранцман В.Г. Анализ литературного произведения и читательского восприятия школьников.-Л.:1974.-С.11.).

Орто мектепте драмалык чыгарманын композициясын талдоо татаал. Ошондуктан аны үйрөнүү ортоңку класстарда эле башталып, улам класс жогорулаган сайын татаалдана берет. Драманы бүтүндөй турушунда – композициялык түзүлүшү боюнча талдоо окуучулардын чыгарманын мазмунун түшүнүүлөрүн гана камсыз кылбастан, ошол мазмунду драматург кандай ыкма, каражат менен, кандай формада бергендигин кабылдоолоруна да мүмкүнчүлүк ача турган талдоонун маанилүү жолу. " Ар бир чыгарманы талдоодо формадан мазмунду же мазмундан форманы бөлүп талдоо мүмкүн эмес. Сабакка мындай максат коюу окуучуларга өтүлүп жаткан чыгарманын идеялык мазмунун, көркөмдүк деңгээлин ж.б. терең түшүнүүгө жардам берет" (Курящев Н.И. Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы. –М.: Просвещение, 1981.- С.64.).

Сабактын планы төмөнкүдөй болсо максатка ылайык болот.

1. А.Токомбаевдин "Өлбөстүн үрөнү" драмасынын сюжети, окуясы кыргыз элинин Россиянын составына өз ыктыяры менен кошулуу тарыхый фактысынан алынышы. Кыргыз элинин уруу-урууга бөлүнүшү, мансап, намыс талашып, өз ара чабыштар, кектешүүлөр. Эл массасынын трагедиялуу турмушунун сүрөттөлүшү.

2. Драманын образдар системасы. Пьесадагы орус элинин алдыңкы өкүлдөрүнүн кыргыз калкына кылган жардамы (Семенов-Тянь-Шаньский), казак элинин агартуучусу (Ч.Валиханов), эл ынтымагын, эл биримдигин сактоо идеясы (Калча, Молдосан). Куру намыс, мансап талашкан уруу башчыларынын ырайымсыз канкорлуктары (Үмөталы, Боромбай, Балбай). Уруу чабыштардын ого бетер ырбатып, элдин ырксыздыгын пайдаланууну көздөгөн чыккынчылар (Далычы, Барак).

3. Драманын негизги идеялык мазмуну, көтөргөн проблемалары, композициялык табияты, аны кыргыз драматургиясында алган орду.

Окуучулар драманы өз алдыларынча үйдөн окуп келишкенден кийин, төмөнкү суроолор берилет.

1. Драманын "Өлбөстүн үрөнү" деп аталышынын маани-маңызын кандай түшүнөсүңөр?

2. Уруу башчыларынын чыр-чатагынын негизи эмнеде?

3. Катышуучу каармандардын бирөөнө кыскача мүнөздөмө бергиле?

Тажрыйбанын жүрүшүндө окуучулардын өйдөкү суроолорго берген жоопторуна караганда, драманын мазмунун, кээ бир фабулалык моменттерин гана жалпы кабыл алышкандыгына, конфликттердин курчтугун, персонаждардын мүнөзүн, негизги идеясын терең түшүнүшө алышпагандыктарына күбө болдук. А.Токомбаевдин “Өлбөстүн үрөнү” драмасын анализдөөдө төмөнкү учурларга токтолуу, оң натыйжаларды берерин жандуу тажрыйба көрсөттү.

1. Драмадагы негизги конфликт. Каармандардын көз караштары.

2. Карапайым калктын турмушунун кескин начарлашы жана максатсыз кырылышы.

3. П.П.Семенов-Тянь-Шаньский сыяктуу орус элинин алдыңкы өкүлдөрүнүн кыргыз элине жардам көрсөтүшү.

4. Урууларлын ынтымагы, өз ыктыяры менен Россиянын курамына кошулушу.

“Өлбөстүн үрөнү” драмасынын идеялык мазмунун окуучуларга толук түшүндүрүү ишинде драмадагы тарыхый шартты, социалдык абалды, жалпы элдин турмушун түшүндүрүүнүн мааниси зор. Ошондуктан мугалим бул маселени кириш лекцияда баштоосу керек. Тарыхый шартты түшүндүрүү маселесине профессор К.Иманалиев да айрыкча маани берген. “...чыгарма окуучулар үчүн толук маанисинде түшүнүктүү болсун үчүн андагы сүрөттөлүп жаткан окуяларга байланыштуу тарыхый доорду, андагы шартты, көрүнүктүү окуяларды түшүндүрүү иши адабият мугалиминин алдына койгон милдеттеринин бири болуп саналат” (Иманалиев К.И. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери.- Ф.: Мектеп, 1973,115-б.).

Ошондуктан мугалимдин лекциясынын үлгүсү төмөнкүчө болот.

Пьесада А.Токомбаев тарыхый драманын мыкты үлгүсүн берди. Автор кыргыз урууларынын Россиянын курамына өз ыктыяры менен кошулуунун социалдык-тарыхый, коомдук-саясий негиздерин ачууда кыргыз элинин башынан өткөргөн урунттуу окуя-конфликттерди өзөк кылып алган. Өз ара ынтымактын жоктугунан, бирдиктүү мамлекеттин болбогондугунан улам бугу, сарбагыш урууларынын өз ара чабыштары элге көп зыян келтирип турган. “Кыргыздардын бытырандылыгы жана уруулардын өз ара чыр-чатактары кокондуктардын тез эле согуштук ийгиликтерге ээ болушуна бир кыйла жардам болуп турган”(Кыргыз ССР тарыхы. –Ф .:Кыргызстан, 1973, т.1,268-б.). Ушул тарыхый оор абалдан пайдаланып кытай, кокон агрессорлору кыргыз элин басып алып, ырайымсыз эзип келген. Жаамы журт кыргынга учураган. Эл ичинен чыгып, калк тагдырын ойлогон акылмандар бул кордуктардан кутулууга бирден-бир жардам берүүчү зор күч орус эли деп туура түшүнүшкөн. Бул прогрессивдүү максатты ишке ашырып, уруу чабыштарын жөнгө салууда орус элинин П.П.Семенов-Тянь-Шаньский сыяктуу алдыңкы өкүлдөрү жардам көрсөтүшкөн.Мына ушул тарыхый чындык “Өлбөстүн үрөнү” драмасынын негизги мазмунун түзөт. Драмада катышкан каармандардын көбү – тарыхта жашаган реалдуу адамдар.

Драмада эки тенденция ачык көрүнүп турат. Биринчиси –реакциячыл тенденция, башкача айтканда, анын башындагы үстөмдүк кылуучу таптын өкүлдөрү, уруу башчылары Үмөталы, Боромбайдын иш-аракеттеринен байкалса, экинчи прогрессивдүү тенденция – эл, калктын алдыңкы өкүлдөрү Калча, Качыбек, Молдосандардын образдарынан, алардын идеялык позициясынан даана көрүнөт.

Драманын сюжеттик-композициялык структурасы да ушул эки башкы линиялардын айланасында кыймылга келип, бир канча фабулалык бөлүкчөлөрдү жана композициянын

элементтерин бириктирген. Сахнада аткаруу жумушуна ылайыкталгандыктан драма окуучулардан көп күчтү жана зор элестетүүчүлүк устаттыгын талап кылат.

Окуучулар тексттеги конфликттердин табиятын бир окуядан экинчи окуяга, бир көрүнүштөн экинчи көрүнүшкө өтүшүн акырындык менен ырааттуу окуу аркылуу гана драманын мазмунуна, андагы мүнөздөргө түшүнө алышат. Драманын текстинин “кыймыл-аракетине” жараша окуяны улам көз алдыларына элестетип отуруп, аны аягына чейин окуганда гана, окуучу драмалык сюжеттин жаратылышына, образдардын мүнөздөрүнүн өзгөчөлүгүнө түшүнүүгө жетишет.

Тажрыйбанын жүрүшүндө жогорку класстын окуучулары да драманын текстин үйрөнгөндө көрүүчүнүн даражасына жетише албай, үстүртөн окуган окуучунун деңгээлинде гана кала беришкендигине күбө болдук. Алар көп учурларда драмадагы катышуучу каармандардын тизмесин, ремаркаларын, декорацияларын, окуянын өтө турган ордун, автордук көрсөтмөлөрүн ж.б. көңүл коюп окушпайт. Эпизоддук каармандарга көңүл бурушпайт. Каармандардын сырткы кебетесин, сүйлөө манераларын, кыймыл-аракеттерин көз алдыларына элестетишпейт жана мизансценаларды көрүшпөйт. Мындай кемчиликтер драманын идеялык мазмунун терең үйрөнүүгө тоскоолдук кылат да, чыгарманын үстүндө иштөөдө алардын активдүүлүгүн арттырууга жана кызыгуусун ойготууга мүмкүнчүлүк түзбөйт. Үйрөнүлүп жаткан драманы жанрдык-стилдик бөтөнчөлүгүнө жараша окуучулардын терең түшүнүүлөрүнө, албетте,мугалим гана жардам бере алат.

“Өлбөстүн үрөнү” драмасынын 1-сүрөтү жайдын күнү Петроградда иш кабинетте Хомутов Н.И., Семенов П.П.,Валиханов Ч.Ч. жана Кошарев П.М. окумуштуу П.П.Семеновдун Тянь-Шанга бара турган илимий экспедициясы жөнүндөгү талаш-тартышы менен башталат. Полковник К.И.Хомутов кыргыз элин жапайы эсептеп, Семеновдун экспедициясынын Тянь-Шандагы “кутуруп турган ач арстандарга” баруусуна чечкиндүү түрдө каршы чыгат. Мына ушул сценадан эле каармандардын ички мүнөзү, жан дүйнөсү ачыла баштайт. Драматург биринчи сүрөттө  баатырдык тондогу курч диалог куруу ыкмасын ырааттуу өнүктүрө баштайт. Диалогдор элестүү, курч фразалардан түзүлүп, негизги идеялык өзөккө багыт алган проблемалуу мотив ачык көрүнөт. П.П.Семеновдун “Уктап жаткан Тянь-Шанды ойготобуз”, “Сокурдай темселеп турган элге прогресстин үрөнүн себебиз”(Токомбаев А.Өлбөстүн үрөнү. / Китепте:Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы, 3т. –Ф.: Кыргызстан, 1976, 687-б.) деген фразалары аркылуу ачык көрүнөт. Бул сөздөрдүн маңызынан окуучулар эзелки изилденбеген аймактын географиялык жактан жаратылыш шартын өздөштүрүү зарылдыгын, адам пайдасына кызмат өтөө жана коомдук өндүрүштөн артта калган караңгы, алсыраган элдин сезимин  ойготуу ниетин, өзгөчө, тарыхый чектелгендигин түшүндүрүү, “прогресстин үрөнүн себүү”, кыйналган элге көмөк көрсөтүү, келечектүү жолго багыттоо мотивинде экендигин түшүнгөндөй болушсун. Прогрессивдүү гуманисттик принципке негизделген Россиянын алдыңкы өкүлдөрүнүн иш-аракеттеринин түпкү максатын жеткире түшүнө албаган, түшүнүүнү да каалабаган падышачылыктын самодержавиялык саясатынын кыйшаюсуз жактоочусунун облиги полковник Хомутовдун образында көркөм жалпылаштырган. Хомутовдун ким экени, эл тагдырына, илимге, прогресске мамилеси анын репликасында даана ачылган. “Эгер крым согушу болбосо, – дейт Хомутов, -Тянь-Шандын дарбазасын кылычтын кыры менен ачып берет элем” (619-бет). Хомутовдун ушул көз карашынан эле окуучулар өздөрү анын Семеновдон, Валихановдон, Кошаревден

кескин айырмаланып турарын байкашат. Образдарды, мүнөздөрдү ачууда драматург чечкиндүү контрастоо принцибин драмада баштан аяк стилдик ыкма катары чебер колдоно алган.

Хомутов: Силерди ажал айдап баратат.

Семенов: Илим ажалды жеңет (Семенов экөө беттешип тиктешет).

Да, илим ажалды жеңет (692-бет).

1-сүрөттүн финалы ушундайча күчтүү пафос менен аятайт. Көрүнүп тургандай, кыска, так, курч диалогдор тыкан уюштурулуп, оптимисттик- баатырдык мотивде алдыңкы акыл-ойдун жеңилбестигин даңаза кылуу менен конкреттүү жыйынтык чыгарды.

Драманын 2-сүрөтүндөгү окуя Үмөталынын ордосунан башталат. Автордук ремарка согуштун мүнөзүн баяндаган романтикалык тондо, трагикалык мотивде жана эпикалык планда окулат. Мугалим окуучулардын көңүлүн Үмөталынын турмуштук позициясына бурат. Реакциячыл тенденциянын өкүлү Үмөталынын образы ушул 2-сүрөттө өзгөчө даана, ачык сүрөттөлгөндүктөн, анын өзүнө таандык мүнөз-жосуну таасын көрүнөт. Ал аялы Айганыш менен Боромбайды, жээни Зарлыкты мыкаачылык менен өлтүртөт. Жездеси Алымбек баатырдын оозуна эриген коргошун куйдурууга буйрук берет. Бул эпизод – трагедия класста көркөм окулат (89-92-бб.).

3-сүрөттөгү көрүнүштү үн жазгычтан уктурууга болот. Окуучулар бул сценадан Молдосан менен жолугушат. Ал эл ичинен чыккан, калк тагдырын ойлогон акылман, ак таңдай ырчы, ошондуктан анын образы окуучуларды жарандык жана ыймандык тазалыкка чакырат.

1-2-көшөгө класста көрктүү окулуп, комментарий жүргүзүлүү процессинде, ушул сценаларга тиешелүү болгон сүрөт-иллюстрацияларды класста көргөзүүгө болот. Мына ушундан кийин гана мугалим класста төмөнкү изилдөөчүлүк талаптагы суроолордун айланасында иш жүргүзөт.

1. П.П. Семенов, Ч.Валихановдун илимий экспедициясынын негизги максаты жана милдети эмнеде?

2. Хомутов менен Семеновдун, Айганыш менен Үмөталынын ортосундагы конфликтини кандайча түшүндүрсөк болот?

3. Бaрактын турмуштук позициясы кандай? (“Балыктын изи сууда жок, Барак изи чууда жок. Барак булактан тунук, сүттөн ак. Калктын баары жоо болсун, кара башым соо болсун, өзүмдү чакпаган жылан миң жашасын, миң жашасын, миң!” (647-бет).

4. Окуянын экспозициясы жана чиелениши кайсы сценадан башталат?

3-көшөгөнүн төртүнчү сүрөтү. Капчыгай ичиндеги үйлөр, көпчүлүк үйлөрдө ак, кара, кызыл желектер илинген. Бул белгилер-өлгөндөрдүн жаш курактарын билдирген ишарат эле. Боромбай дөбөдө таягын чекесине сүйөп ойлуу отурат. Тээ тигиндей Калчаны колтуктап, жандап бир тобу кошо келатат... Дубана ысырыктап келип, каткырып отура калат, койнунан далысын алып, өзүнчө күбүрөп карана берет. Автордук ремарка, албетте, бул аркылуу окуучулар сценаны көз алдыларына элестетүү менен бирге драмада активдүү роль ойногон оң каарман Калча менен жолугушат. Пьесада Калчанын образы аркылуу элдин мүдөө- тилеги, ой-максаты жана драмадагы автордук көркөм-эстетикалык позиция айкын-даана берилген. Калчанын кебинде философиялык, адеп-ахлактык, коомдук-социалдык жалпылоочу мазмундагы элдик акыл-ой, замандын духу жатат. “...Мен жүз жыйырмага келгенче бири-бирин кырган кыргыздарды көргөн эмес элем. Таштын уюулундай эл элек, жоого колтук ачкан жок элек, эми кандай чачылдык . Куштан качкан

чилдей бириндедик, сөөгүбүздү балыр басып калбасын! Өлсөңөр бир чуңкурда, тирүү болсоңор бир дөбөдө болсоңор кантет, чүрпөлөрүм”. “Жерди кыян менен суу бузат, элди кыйанат, чагым, чуу бузат” дечү эле ,”Өзөктөн чыккан өрт жаман ,өздөн чыккан жат жаман. ... Кыйын болсоңор элди баккыла” . Чындыгында эле драмадагы Калчанын кеби аркылуу автордун позициясы, жалпы эле пъесанын идеялык маңызы кандайдыр бир деңгээлде чагылдырылган. Ошондуктан каармандын репликасы класста көркөм сөз чеберлердин аткаруусунда үн жазгычтан уктурулууга тийиш. Мугалим өзүнүн сөзүндө, же образды талдоону бышыктоодо Калча карыянын образы автордун оригиналдуу образ түзүүдөгү табылгасына кирерин, карыянын ар бир сөзү ташка тамга баскандай даана, так жана кеменгер акыл-ойго бай экендигин таржымалдайт. Образ-мүнөздүн мындай жогорку деңгээлде иштелиши, акыйкатта, автордун көрөңгөсү акылман, курч сөздөргө байлыгына, жалпысынан ал жазуучунун көркөм-композициялык чеберчилигине байланыштуу түзүлөрүн окуучуларга тексттеги факт-материалдардын негизинде түшүндүрөт. Калча дайыма элдин ынтымагы, жаамы-журттун бак-таалайы, келечеги жөнүндө ойлойт жана түйшүктөнөт. Аталган сценада Боромбай менен Балбай Үмөталыны кантип жок кылып, элин талап-тоноп, бийликти колго алуунун амалын издешип, Далычага төлгө тарттырып отурганда, Боромбайдын жээни Зарлыктын башын көтөрүп Сарыбек кирет. Бул эпизод-сцена трагикалык планда жазылган, ал сезимди титиретип, өзгөчө таасирдүүлүгү менен патетикалык мүнөзгө эгедер. Каары ичине батпаган Балбай мыкаачылык менен Сарыбектин башын Кылыч менен кыя чабат. Бейкүнөө Сарыбек ак жеринен каза болот. Сарыбек өңдүүлөрдүн трагедиясы ошол учурдагы карапайым элдин башына түшкөн ырайымсыз мүшкүл-кырсык, кордук-запкы болгон. Мына ушундай ыкмада сюжет чыңалып, Боромбайдын образ-мүнөзү улам тереңдетиле берет. Драмада Балбай менен Төрөкелди деле Боромбай менен Үмөталыга баш ийип калбаган, өз алдынча аракеттенген чыныгы баатырлардай көрүнүшөт. Бирок, ошого карабастан, ал экөө тең эки манаптын мыйзамынан баш тарта алышпайт. Алардын жумшаган жагына жүрүүгө аргасыз. Эмне үчүн? Анткени алар уруу ынтымагы өкүм сүрүп турган феодалдык-патриархалдык коомдон тышкары боло алышпайт. Ошол себептүү кээ бир маселелер боюнча ал экөө Боромбай, Үмөталы менен айтышып, тартышып, бой тирешкенине карабастан, кайра эле уруу ынтымагынан, бirимдигинен чыга албай ыкка көнүп, сокур намыс үчүн кайра курал-жарагын колдоруна алышып, уруу чабыштарына кол башчылык кылышат.

“Өлбөстүн үрөнү” пьесасы бир канча конфликтерди кучагына алат. Бирок эң башкы конфликт болуп, эки уруунун манаптары же болбосо, Боромбай менен Үмөталынын ортосундагы тарыхый-социалдык жеке кызыкчылыгынан келип чыккан конфликт эмес, эл, элдин өкүлдөрү менен уруу башчыларынын ортосундагы тарыхый-социалдык конфликт эсептелет. Бирок мугалим муну айтуу менен гана тим болбостон, окуучулардын өздөрүн тексттен негизги конфликтти табууларына жол көрсөтүүсү керек. 1-көшөгөдөн биз Хомутов жана Семеновдун конфликтисине гана көңүл буралычы. Класска төмөнкүдөй суроолор берилет:

1. Каармандардын ортосундагы мамиле кандай?

2. Тянь-Шань экспедициясына каармандардын мамилеси, алардын позициясына кандай карашты жана мааниси эмнеде?

Андан ары II, III көшөгөдөн окуучулар каармандардын жан дүйнөсүнүн өзгөрүшүнө байкоо жүргүзүшөт. Андай процессти алдын ала даярдалган суроолор аркылуу ишке ашыруу максаттуу:

1. Үмөталынын кылык-жоругуна көңүлүңөрдү бургула жана эмне үчүн ал мындай мыкаачылык иштерди жасап жатат?

2. Экспедициянын мүчөлөрүнө Бcaрактын уу берип өлтүрүүгө кылган аракетинин башкы максаты эмнеде?

3. Элдин ынтымаксыздыгы, калк ыркынын бузулушу жөнүндөгү Калчанын диалогу кандайча берилген жана ал эмнеге үндөйт?

4. Боромбай менен Үмөталынын чыр-чатагынын башкы себеби эмнеде? Кылычбек менен Төрөкандын ортосундагы конфликт драмада эмнеге негизделген?

Окуучулар мына ушул суроолорго өздөрү жооп бере алышканда гана пьесадагы негизги конфликтинин мүнөз-табиятын түшүнүшкөн болушат. Текшерүүчү жана тажрыйбалык класстардын окуучуларынан алынган жооптордун мазмуну да, саны да ар башка болду.

Класста тексттин үстүндө иштөө андан ары улантылат. Класска жалпы суроо берилет.

Семеновдун ынтымакка чакырган идеясын Боромбай менен Үмөталы кандай кабыл алышты?

Албетте, бул суроолорго жооп берүүдө окуучулардын көңүлү Үмөталынын Семеновго жиберген катына, 7-сүрөттөгү Семеновдун Боромбай менен болгон маегине бурулат. Мында орус окумуштуусу, гуманист Семенов буларга ынтымактан башка эч нерсе бере албай тургандыгын ачык билдирет. Ошентип, – дейт окуучулар, – Үмөталы да, Боромбай да Семеновдун элдештирүү жөнүндөгү ак тилегине кескин каршы чыгышты. Анткени алардын талашы – Ормондун хандык тактысы эле.

Пьесанын финалында окуя чечилип, Үмөталы менен Боромбай элдешип, ортого от жагып, ынтымакты бузган Барактын, апендинин, Далычынын бети ачылат. Кыргыз эли Россиянын курамына кошулат.

Эки уруунун элдешинин себеби эмне?

Калча элдин атынан акылдуу сөздөрдү муюта сүйлөп, Боромбай менен Үмөталыны жараштырат. Ошондо дагы тиги экөөнүн сөздөрүнө караганда чын пейили менен жарашып жаткандыктары сезилбейт. Молдосан Манасты саткан Көзкаман жөнүндө кыйытып ырдады эле, тиги экөө (айрыкча Үмөталы) дароо аны бизге келтирип  айтып жатат деп жоруп, дале болсо кайра чатак баштамакчы болушканда, Калча колго түшкөн Барак менен апендини алып келтирет да, алардын кара ниеттик иштеринин бетин ачат.

Мына ушул жерден мугалим окуучуларга эмне үчүн драма “Өлбөстүн үрөнү” деп аталат? –деген суроо коёт.

Окуучулар бул суроого жооп берүүдө Калчанын Семеновго айткан  кебин пайдаланышат: “Балам, сен өлбөстүн үрөнү болдуң, мына бул кыргыздын ак калпагын кийип кет кулунум!” ж.б.  Демек, П.Семенов, Ч.Валиханов сыяктуу даанышман жолдоштор өз ара ырκы кетип, “сокурдай темселеп турган кыргыз элине прогресстин үрөнүн себишти”. Ошондуктан алар – өлбөстүн үрөнү.

Мугалим драманын тексттин окуучулар менен бирдикте талдоодо төмөнкү негизги учурларга токтолот:

1. Драма чагылдырган тарыхый шарт, ошол коомдук турмушта көтөрүлүп жаткан негизги проблемалар кайсылар?

2. Драматургдун конкреттүү окуяга карата болгон көз карашы жана мамилеси?

3. Драманын көркөм идеясы?

4. Драмадагы катышуучу каармандардын мүнөздөрүнүн ачылышы жана негизги проблемалардын чечилиши. Каармандардын бири–бирине болгон байланышы, катышы.

5. Драманын тили.

6. Драманын сюжети жана анын элементтери (образдарды талдоо менен тереңдетүү).

7. Сценадан "Өлбөстүн үрөнү" спектаклин көрүү, драма менен спектаклди, каарман менен артисттердин ролун салыштыруу.

8. Жазуу жумуштары.

"Өлбөстүн үрөнү" пьесасында А.Токомбаев тарыхый драманын мыкты үлгүсүн берди. Драма буга чейин кыргыз адабиятында эч кимдин колу тие элек маанилүү маселеге – түндүк кыргыз урууларынын Россиянын курамына өз ыктыяры менен кошулуунун социалдык–тарыхый, коомдук–саясий негиздерин ачууга, XIX кылымдын ортосунда кыргыз элинин башынан өткөргөн эң чоң тарыхый бурулушту көрсөтүүгө арналган (Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. –Ф.: Мектеп, 1982, 276–б.). Чындыгында, Семенов Тянь–Шаньскийдин Боромбай менен Үмөталыны жараштыргандыгы тууралуу тарыхый так маалыматтар жок экендигин мугалим окуучуларга эскертет. Ошондой болсо да, орус элинин алдыңкы өкүлдөрү тарабынан кыргыз эли менен жакындашуу ниетинин болгондугун жана эч жазыксыз жапа чеккен эмгекчил элге карата прогрессивдүү жакшы башталыштын даны бар экендигин таанууга болбойт. Мына ушул идея "Өлбөстүн үрөнү" драмасында ишке ашкан. Төмөнкү маселелер да класска мугалим тарабынан таржымалданат.

Өзүнүн улут катары бөтөнчөлүгүн жоготуу абалына барып такалган кыргыз калкынын трагедиялуу турмушунда орус эли менен жакындашуусу, бара–бара Россия мамлекетине кошулуп, биротоло карым–катнашта жашап калуусу кыргыздар үчүн прогрессивдүү көрүнүш болгон. Эгерде кыргыз эли XIX кылымдын ортосунда Россиянын курамына өтпөгөн болсо, айыгышкан уруу чабыштары калктын биротоло бүлүнүшүнө алып келмек. Ал эми кокон хандыгы менен кытай өкмөтү уруу чабыштарын ого бетер арбытып, байыркы кыргыз жергесинде өз билгенин иштеп турган. Орус мамлекети Кытай, Кокон өкмөтүнө салыштырганда коомдук–саясий түзүлүшү жогору туруу менен катар алдыңкы революциячыл жана прогрессивдүү ой–пикирдин борбору болгон. Акыл–ойдун кеменгерлиги чабыттаган элден окчун калуу, албетте, калкыбыздын келечегин кемитмек. Мына ушул жагынан алып караганда, орус эли менен кыргыз урууларынын жакындашуусу, айрыкча зарыл эле. "Өлбөстүн үрөнү" драмасында ушул умтулуу, Семеновдун, Валихановдун, Калчанын, Молдобасандын образдары аркылуу эң ишенимдүү, эң таасирдүү көрсөтүлгөн. Бирок, бул тарыхый окуя драмада оңой–олтоң эле ишке ашкан жок. Ал өтө чиеленишкен, драматизмге жык толгон, коомдук курч конфликттерди жана айыгышкан күрөштөрдү пайда кылды.

Мугалим "Өлбөстүн үрөнү" драмасынын тарыхый мүнөзүн белгилеген критерийлер кайсылар? деген изилдөөчүлүк пландагы суроону коёт да, өзү окуучулардын жооп берүүсүнө көмөктөш болот.

1. Россиядагы тарыхый окуялар, Крым согушу туурасындагы документалдуу кабар.

2. Кыргыз элинин XIX кылымдагы социалдык–тарыхый абалынан, башкача айтканда, Кудаярхан, Богдахандын элди болуп көрбөгөндөй эзиши, Үмөталы менен Боромбай башында турган уруу кагылыштарынын натыйжасында, элдин Памир, Тибетке чейин тентип жабыр тартышы.

3. П.П.Семенов, Ч.Валиханов сыяктуу реалдуу тарыхый инсандардын прогрессивдүү план–идеялары жана анын драмада көрсөтүлүшү.

А.Токомбаев тарыхты түзүүчү эл экенин туура түшүнүп, андагы прогрессивдүү тенденциялардын эволюциясын сергек сүрөттөп, калктын жеңишин көркөм призмадан көрсөтүүгө жетишкен. Автордун идеялык–таптык позициясы да, калктын алдыңкы өкүлдөрүнүн образдарындагы жазуучунун симпатиясы да, көркөм–эстетикалык жактан жалпылаштырган предмети да – эл.

Драматургдун көз карашы, идеясы Калчанын образы аркылуу берилет. Окуучулар буга Калчанын образын талдаганда текстуалдуу токтолушат. Драманын идеялык мазмунун түшүндүрүүдө мугалим өзүнүн аңгеме –лекциясында төмөнкү маселелерге көңүл бурат. Бул “Өлбөстүн үрөнү” тарыхый драмасында өткөн кылымдын дал ортосундагы кыргыз урууларынын, адамдардын ортосундагы коомдук–социалдык, саясий–идеялык карама–каршылыктардын чагылдырылышы; Бул карама–каршылыктын негизи мансап талашуу; Кокон хандыгынын аябагандай эзүүсү; кытайлыктардын территориялык кысымы карайлаган элге Россия мамлекетинин алдыңкы өкүлдөрүнүн жардамга келиши. ж.б.

Драмадагы образдар окуучуларга күчтүү таасирин тийгизе алса, ал чыгарманын тарбиялык мааниси зор экендигине шек жок. Ал эми көп учурларда драмалык чыгармалар окуучулардын түшүнүшү үчүн оордук келтиреринe жогоруда токтолдук. Ошондуктан образдын “өйүз–бүйүзүн” окуучуларга түшүндүрүүдө ыкмалардын варианттуулугу талап кылынат. “Каармандардын жүрүш-турушуна, окуялардын өнүгүшүнө мугалим окуучулар менен бирдикте басым жасап жүрүп отурат. Бул, албетте, драманы терең түшүнүүгө түрткү берет ”(Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. –М.: Просвещение, 1985. - С.120).

Адабият мугалимдеринин эң башкы милдеттеринин бири–окуучуларга драмалык чыгарманын каармандарын жакындаштыруу, алардын ички дүйнөсүн ачып берип, адекваттуу түшүнө билүүгө жетиштирүү. Көркөм образдын үстүндө иштөөнүн рационалдуулугу мугалим тарабынан чыгармачылык менен талданып алынган методдордун жана ыкмалардын табиятына жараша болору талашсыз. Класста көркөм окуу, диалогдорду текстке жакындатып көркөм айтуу, комментариялап окуу балдардын пьесанын образдарын үйрөнүүгө карата болгон активдүүлүгүн арттыра тургандыгын тажрыйба далилдеди. Окуучуларга үйрөтүлүп жаткан драма–конфликтинин маанисин толук түшүндүрүүдө каармандардын кебинин эмоционалдык жагын ачып көрсөтүүнүн мааниси өтө зор. Анткени, образдын поэтикалык кеби драманын логикалык оюна, мүнөздөрдүн диалектикасына ачыктык жана тактык киргизип турат. Драмадагы образдарды эмоционалдуу–экспрессивдүү түрдө кабыл алуу, албетте, окуучулар чыгармадагы окуя–конфликтини терең түшүнүүгө жана аларды баалай билүүгө жетишкенде гана пайда болот. Мектепте окутулган адабияттын спецификалык өзгөчөлүгү демекчи, анын бир эле мезгилде окуучулардын акылына да, сезимине да олуттуу таасир этип, эрк – каалоосун дүрбөлөңгө салып, сезимтал жан-дүйнөсүн чыгармачылыкка комдотуп, аракетке келтиргендигинде бейм. “Окуучу көркөм текстти окуп же угуп жатканда, эмоционалдуу сезиминен өткөрүп, каармандар менен кошо кайгыруу жана кубануу аркылуу чыгарманын мазмунун терең түшүнүшөт” (Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. –М.: Просвещение.1985. -С.122.).

Бирок, ошондой болсо дагы, драмалык каармандын образын эмоционалдуу түрдө кабыл алууга жетишүү окуучулардын таанып–билүүсүндөгү эң маанилүү категория болуп эсептелген толгонууга алып келет. Толгонуу абалында окуучулардын образдар жөнүндөгү ойлору аздыр же көптүр абстракциялардын катышуусу менен кененирээк чабыттап, терең эмоцияларга бөлөнөт жана ошондуктан каарман–мүнөздү жакыныраак таанып–билүү даражасына алып барат. Мындай абалдарга түшүп турбаганда окуучулардын көркөм дүйнө менен субьективдик байланышы солгундайт, таанып–билүү аракеттери басаңдайт, акыл–эсинин активдүүлүгү мокойт. Айтмакчы, образды талдоо процессинде мугалим конкреттүү мисалдардын жардамы менен окуучулардын көз алдына образды элестүү, толгонуу абалына алып келүү менен сабакты активдештирүүсү керек. Негизинен, “Өлбөстүн үрөнү” драмасынын образдарын үйрөнүүнүн методикасына коюлуучу негизги талаптар катарында төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот.

1. Драмалык чыгарманын текстин окуучулар ачык, эмоционалдуу жана элестүү кабыл алышы, түшүнүшү керек.

2. Пьесадагы образды үйрөнүүнүн алгачкы учурунда гана эмес, окуучуда адабий каарман–мүнөз жөнүндө түшүнүк пайда болгондон кийин, анын үстүндө иштөө мезгилинде да драмадагы көркөм образдын спецификалык бөтөнчөлүгү эске алынууга тийиш.

3. Пьесанын образын өзүнчө бөлүп алып карабастан, башка образдар менен бирдикте, драматург тарабынан сүрөттөлгөн турмуштун жалпы фонунда алып текшерүү зарыл.

4. Драмалык образ сцена үчүн жазылгандыгын эске алуу менен драматургдун каарман–персонажга болгон мамилесин салыштыруу.

Бул талаптардын бардыгы тең окуучулардын акыл–эс көркөм дүйнөсүндө тааныткыч жана тарбия берүүчүлүк милдетти аткарууга багындырылат. Драмалык чыгармада каарман сценада өзүнүн сүйлөгөн сөздөрү, репликасы, кылган аракеттери, бири–бирине болгон алака–катышы аркылуу өзүн–өзү мүнөздөйт. Образдарды талдоонун алдында төмөндөгүдөй ыкмаларды пайдалануу натыйжалуу болот. Тажрыйбанын жүрүшүндө Семеновдун, Калчанын, Молдосандын, Боромбайдын, Үмөталынын, Хомутовдун, Барактын, Далычынын кептериндеги урунттуу учурларын окуучуларга тандатып жаздырдык. Андан кийин ошол образдарга талдоо жүргүздүк. Бул образды үйрөнүүнүн предметтүүлүгүн жана конкреттүүлүгүн камсыз кылат экен. Жалпы эле образ жөнүндө окуучуларда терең түшүнүк пайда болгондугун, ага карата кызыгууларынын күчөй түшкөндүгүн ачык байкадык. Мисалга, Семеновдун образын окутууда мугалим төмөнкү негизги учурларга басым коет.

1. Семенов ким, ал айткан сөздөрүн иш жүзүнө кандай көрсөтөт.

2. Семенов–Тянь–Шаньскийдин образынын типтүүлүгү.

3. Ал байыркы кыргыз жергесине кандай милдеттер менен келди?

4. Драмадагы Семеновдун образы – “Өлбөстүн үрөнү” катарында.

Мугалим Семенов–Тянь–Шаньскийдин образынын үстүндө иштөөдө, ал чыныгы тарыхта болгон адам экендигин факт–материалдарга таянуу менен таржымалдайт. Орус элинин саякатчысы Семеновдун образы өзүнүн реалдуулугу менен айырмалана тургандыгына токтолот. Сабакта Семеновдун сүрөтүн же болбосо анын ролун актерлордун аткаруусундагы иллюстрацияларды пайдалануу менен окуучулар окумуштуу–географтын сырткы облигин ачык элестетүүгө жетишет. Биринчи суроого жооп берүүдө окуучулар Семёнов менен Хомутовдун образын карама–каршы коюу менен

өз алдынча талдашат. "... Биз илимдин дыйканыбыз. Сокурдай темселеп турган элге биз прогресстин үрөнүн себебиз", – дейт. Ал эми Хомутовдун: "Силерди ажал айдап баратат", –деген сөзүнө, Семенов чечкиндүү түр менен: "Илим ажалды жеңет", –деп ишенимдүү жооп берет. Ал Петербургдан ат арытып, жол карытып байыркы кыргыз жергесине келет, окумуштууну кызыктырган нерсе, илимий иштер, экспедицинын алдына койгон ыйык милдетти–Тянь–Шань жөнүндөгү Гумболдун жаңылыштыгын, б.а., Чүйдүн башаты Ысык–Көлдөн эмес, Тянь–Шань тоолорунан экендигин далилдөө эле. Алар бул милдетинин өтөөсүнө чыгышат. Семеновду кызыктырган нерсе–илимий иштер болсо дагы, ошо менен гана чектелип калбайт. Ал эң биринчи иретте, кыргыз урууларынын тынчтыгы жана ынтымагы үчүн күрөшөт. Саякатчы бардык күчүн элдин кызыкчылыгы, алардын бейкуттугу үчүн арнайт. "Манас" эпосун Молдасандын айтуусунда укканда, чын ниети менен оозеки жашап келген кыргыз рухунун туу чокусуна ыраазы болуп, "...Бул эпопея–кайталанбай турган эпопея, бул өлбөй турган элдин таланты. Кандай сонун салыштыруу...", – деп тамшанат. Семенов өзүнүн жолдоштору менен экспедициясынын алдында койгон милдеттерин толугу менен аткарып, башкача айтканда, Гумболдун жаңылыш жасалган картасына түзөтүү киргизип чыгышат. Окуучулар Кошаровдун Семеновго карата айткан "Улуу Петр Европанын терезесин ачса, сиз Азиянын дарбазасын ачтыңыз", – деген кебин талкууга алышат.

Окумуштуу бугу, сарбагыштын манаптары Үмөталы менен Боромбайга иштин жөн–жайын айтып, түшүндүрүп, аларды элдештирет. Бирок, бул иш оңой–олтоң эле иш жүзүнө ашкан жок. Ошондуктан мугалим окуучулардын көңүлүн Семенов менен Боромбайдын диалогуна бурат. Боромбай окумуштуунун кербенине берген жардамын милдет кылып, Үмөталыны "тизе бүктүрүш" үчүн андан курал–жабдык сурайт. Семенов: "Мен сизге жоо–жарак берүүгө келген эмесмин, султан. Колумдан келсе, жоолаштырбайм" –деп, өзүнүн калыс пикирин айтканда, Боромбай аны опузалап коркутат. Бирок Петр Петрович тайманбастан: "Ынтымактан башка эч нерсе бере албайм", –деп кесе айтат. Семенов Үмөталыга да ушул ой пикирин билдирет. Бирок манаптар болсо айткандарынан кайтпайт. Акыры Үмөталы менен Боромбай таптакыр элден ажырап калуу коркунучуна келишкенде, жарашууга мажбур болушат.

Ч.Валихановдун образын талдоодо мугалим төмөнкү учурларга токтолот. Октябрь революциясына чейин кыргыздын маданий мурасын, оозеки чыгармачылыгын жыйноого, изилдөөгө киришкен окумуштуу, казак элинин агартуучусу Ч.Валиханов болгон. Ал биринчи жолу 1856–жылы Ысык–Көл өрөөнүн топографиялык картага түшүрүүнү максат кылып, кыргыз жергесине келет. Ч.Валиханов жыйнаган материалдардын негизгиси – "Манас" эпосунун айрым окуялары. Ал "Манастын балалык чагы", "Каныкейге үйлөнүшү","Көкөтөйдүн ашы" өңдүү эпизоддорун манасчылардан жазып алып, биринчи жолу "Орус географиялык коомунун записокаларында" "Жунгариянын очерки" деген наам менен 1961–жылы жарыкка чыгарган. Окумуштуу Ч.Валихановдун образын А.Токомбаев "Өлбөстүн үрөнү" драмасында көркөм планда чагылдырган. Драмада Чокон Семеновдун оң колу катарында көрүнөт. Ал – кыргыз эли үчүн жанын таштаган адам. Ошондуктан анын репликасында кыргыз элинин тарыхын, адат–салтын жакшы билгендиги көрүнүп турат. "... Менин милдетим жаралуу торгойдой алсырап жаткан элди коргоо, аларды адаштырбоо,... кыргыздар азыр ташка чапкан айнектей чачырашты. Мына бул Тянь–Шандан Тибетке чейин, Памирден Индустанга чейин, Кара–Корум Коюнлун тоолоруна чейин тентип баратат. Бирок эч кимге багына элек. Алар бактысыз тирүү жүргөндөн көрө

багынбай өлгөндү даңкташат” (95-б.). Окумуштуу манаптардын тескери саясатынын бетин ачып, элдин аң–сезимин көтөрүп, алардын кызыкчылыгы үчүн башын байлайт.

120 жаштагы Калча карыянын образы драматургдун оригиналдуу мүнөз түзүүдөгү табылгаларынын катарына кирет. Калчанын ар бир сөзү ташка тамга баскандай даана жана теңдешсиз акыл–нускалуу наркка эгедер. “Силер кыйын болсоңор Кудаяр менен Богдыханды челбейсиңерби? Үйдө баатыр, жоодо жок дейт. Түгөнөр уй түгүн жейт, түгүнөн кийин жанын жейт. Силер уй болуп баратасыңар. Манастын заманында Көкчөгөз менен Көзкаман чыккынчы болгон. Андан мурда да, андан кийин да кыргыздар бирине–бири чыбык көтөргөн эмес. Мен силердин ынтымагыңарды көрүп өлгүм келет. Кыргыз – далай–далай чачкындан, далай кыргындан чыккан эл. Суу куйбаган көлдөй соолуп баратат. Башыңарды кошо турган Манасыңар жок”(100–б.). Анын даанышмандыгы, автордун курч сөздөргө бай бийик чеберчилигине байланыштуу түзүлүп отурат. Окуучулар Калчанын кебиндеги образдуу, элестүү, ташка тамга баскандай сөздөрдү, кыт куйгандай ойлорду дептерлерине көчүрүп жазышат. “Калчанын туусу–дейт, адабиятчы К.Артыкбаев,–элдин ынтымагы, элдин бактылуу келечеги” (Артыкбаев К.Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. –Ф.: Мектеп, 1982, 277–б.).

Драмадагы жетектөөчү идея, ушул Калча карыянын образы аркылуу берилген. Ал элдин ынтымагын, бейкуттугун тилеп эле жөн болбойт, дайыма өзүнүн акыл–насаатын жаамы–журтка айтып, эрегишкен, атаандашкан манаптарды биримдикке чакырат. Ошондуктан төмөнкү сөздөр класстагы талдоонун негизги предмети болот. “Ынтымак.Ынтымак сурайм, өзүңөрдү кырбагыла. Өлсөңөр жоо колунан өлгүлө”, “ ... Акылдуу баатыр жоонун ташын жарат, аңгаал баатыр өзүнүн башын жарат. Чүрпөлөрүм, силер бу жерден сынашпагыла”, – деп уруу башчыларын күнөөлөшү; “Мен Үмөталыны жер сүздүрөм, –деген Балбайга, “Каракөгүм, андан сенин мүйүзүң узарбайт. Силер мына буларды ыйлатпагыла. Элдин жашы силерди агызып кетет”, – деши, же Калчанын Семеновго карата: “Салтыбыз боюнча алдыңа аппак сүт көтөрүп келдик. Бизди күйкөлөрүңө тыттырбай, чоң канатыңар менен калкалап алгыла. Айдын жарыгында болгондон көрө, күндүн көлөкөсүндө болгубуз келет. Силер күнсүңөр. Биз сенден ушуну сурайбыз”, – деп айткан сөздөрүндө кыргыз элинин ошол мезгилдеги аң–сезими, түшүнүгү, үмүтү, учкул акылы, даанышмандыгы, момундугу–кыскасы, болгон турпаты чагылып турат. Демек, класста Калчанын образы бир гана адам катары кабыл алынбаш керек. Аны ушул турпат–сымбаты менен бүтүндөй кыргыз эли деп түшүнүү жөндүү. Ата–бабадан келаткан салт боюнча эл арасынан чыккан даанышман–кеменгер карыялар бүтүндөй жаамы журттун карманган туусу болуп келген. Ошол сыңары драмадагы Калча карыянын сөзү анын акылман көсөмдүгүн толук чагылдырып турат. Пьесада Калчанын тили дайыма жамакташтырылып, салыштырылып, предметтүү сүйлөнөт. Ошондуктан мугалим каармандын кеби боюнча стилистикалык эксперименттерди жүргүзөт. Мисалы,“Туягы бүтүн тулпарыңар жок, канаты бүтүн шумкарыңар жок” деген сөзүн доскага жаздырып, окуучулардан макалдын маанисин ачып берүүнү талап кылат. Окуучулар бул сүйлөмдө, негизинен, ошол мезгилде кыргыз элин жетектеген Манас өңдүү баатыр, жетик адамдын жоктугуна Калча кейип жаткандыгын белгилешет ж.б. Кыскасы, “Өлбөстүн үрөнү” драмасында Зарлыктын, Молдосандын, Качыбектин образдары аркылуу жазуучу эл ынтымагын, биримдигин сактоо идеясын жогорку деңгээлде көркөм жалпылаштырууга жетишкен.

Мугалим пьесадагы аялдардын образына да токтолот. Драматург кыргыз аялдарына айрыкча мүнөздүү болгон акылдуу, назик, боорукер энелердин типтүү образын бере алган.

Айганыш - акылдуу, нарктуу назик аял. Ал Үмөталынын айтканынан чыкпайт. Айганыштын адамгерчилиги, жумшак мүнөзү, илбериңкилиги, ички дүйнөсүнүн тазалыгы кыргыз аялдарынын кылымдардан бери жашап келаткан өзгөчө бир артыкчылыгын далилдейт. Көз алдыда өтүп жаткан адилетсиздик менен мыкаачылыкты көрүп отуруп, Айганыш баш ийет го деп, тынчызданасың. Бирок, "Зарлыктын башын алдыртпа, жездемдин оозуна коргошун куйдуртпа", – деп жалынып-жалбарып, мындан эч нерсе чыкпагандыктан кайраттанып туруп, чоюн кашыкты кагып жиберет, акыйкатта, адилетсиздик менен мыкаачылыкка каяша кылат. Драматург кыргыз аялдарынын терең психологиясын, анын ички дүйнөсүндөгү татаал процессти зор чеберчилик менен терең жана жайык ачып бере алган.

Пьесадагы Уулбаланын ролу - чыгармадагы башкы ролдордун бири. Турмушка туура түшүнгөн, ага терең караган эне экендигин мугалим баса белгилейт. Ал аялдарды, энелерди жогору баалайт. Болгон күчү менен аялды коргоп, аял затын кор кылган коомду жектейт. Айталы, Уулбаланын Кылычбекке өтө катуу мүнөзү менен каршы турган көрүнүш класста көркөм окулат. Уулбала: (таягын жерге бир уруп) "Бакырба, какшаал! Бакырба! Сен бир эле кишисиң. Төрөкан эне... ак асаба, кызыл туу баатырларды төрөйт! Сереңдебе! Кол көтөрбө! Сага окшогон ала канат, жел өпкөлөр бойдон түшүп деле калат!" Бул образ учурунда Советтер Союзунун Эл артисти Даркүл Күйүкованын аткаруусунда ары терең, ары масштабдуу сахналык өмүрүн сүрдү. Ошондуктан мугалим окуучуларга жандуу, элестүү таасир калтырыш үчүн, ушул сценадан тартылган фото-иллюстрацияларды көрсөтсө болот. Таланттуу артисттин сахналык табылгалары: кыймыл-аракети, ички темпраменти, ташка-тамга баскандай даана чыккан тили аркылуу жогорку чеберчилик менен аткарылган.

Андан кийин мугалим "Өлбөстүн үрөнү" спектаклиндеги образдарды түзүү жагынан ийгиликке жетишкен актерлор жөнүндө сөз кылат. Жаркын Балыкбаева жараткан Төрөкандын образына да токтолуу оң. Төрөканды зордоп, Боромбай душманына күйөөгө бермей болот. Ал баш тартат, аянбай, ачык эле каршы чыгат. Төрөкандын жаштык жалыны, ажайып сулуулугу, тайманбастыгы жана күчтүү романтикасы өтө ишенимдүү, сезимге таасир бергидей деңгээлде иштелген.

Драмада кур намыс, мансап талашкан уруу башчылары: Үмөталы жана Боромбай. Алардын тирөөчтөрү сыяктанган Балбай менен Төрөкелдинин образдары да мугалим тарабынан жыйынтыкталат.

Далычы менен Барактын образына мүнөздөмө түзүүдө мугалим окуучулардын көңүлүн 8-сүрөткө бурат. Мына ушул сүрөттөн алардын чыныгы адамдык жүзү, адеп-ахлагы көрүнөт. Качы аларды сынамакка алдастайт. Барак болсо: "Айланайын боорум. Сен соо эмессиң, башыңды көтөрчү. Айтчы, эмне ичтиң эле? –деп, ага боору ачыган жана кейиген болот. Мына ушул жерден мугалим окуучуларга: Бирок ошол эле мезгилде "Сага ошол эле керек болчу, жат эми!.." деп, Качынын өлүшүн Барак эмне үчүн тилейт? деген суроону коет. Окуучулар болжолдуу түрдө төмөнкүдөй жооп беришет. Далычы Богдыханга, Барак Кокондун ханына Качыны өлтүрдүм деп баруу. Алардын максаты ушул, жыланча сойлоп, ортодон пайда табуу. Далычы Боромбайдын куйругун кармап, Барак болсо, Үмөталынын ичи-койнуна кирип, элдин ыркын бузган шылуундар.

Аалыбекке заар берип мерт кылып, “орустар өлтүрдү”- деп, жалааны оодаргандар да, акыйкатта, Барак менен Далычы.

Драмада көркөм образдар, мүнөздөр, окуялар, табияттын көрүнүшү, буюмдардын сүрөттөлүшү, мизансцена, ремарка –бардыгы тең сөздөрдүн жардамы менен берилет. Мына ошондуктан драмалык чыгармалардын тилин талдоо, ар качан, ошол материалдын башка компоненттерин анализдөө менен бирге жүргүзүлө тургандыгын дайыма эсте тутуу керек. Диалогдун мазмундуулугу, репликалардын курч, таамай, жеткиликтүүлүгү, ойдун, кыймыл-аракетинин логикалуулугу жана кескин контрастоо принцибинин чебер, ийкемдүү колдонулушу, албетте, драматургдун стилдик изденүүлөрүнүн жемиштүү натыйжасы. Муну окуучулар Хомутов менен Семеновдун диалогун салыштыруу аркылуу далилдешет. Автор бүткүл драманын жүрүшүндө каармандардын образын ачууда, индивидуалдуу жаңы стилдик табылгаларды кеңири жана эркин колдонгон. Ар бир деталь, конфликт, мүнөз өзүнө таандык стилде сүрөттөлөт да, драмада көп түрдүүлүктүн бүтүндүгүн түзүп турат. Каармандардын иш-аракети, кагылыштары менен катар эле, жогорку ыкма бири-бирине тыгыз айкалышып, образды ачууда автордун жекече стилдик каражаты катары арбын колдонулат. Драмада башкы компоненттер менен катар эле, кептик каражаттардын стилдик өзгөчөлүгү даана көрүнөт. Таамай, курч айтылган диалогдор, андагы көркөм образдуулук, эмоционалдуулук, жогорку көркөмдүүлүк, таасирдүүлүк – “Өлбөстүн үрөнүнүн” кептик стилинин башкы көрүнүшү. Драманын башталышындагы темп, чыңалуу төмөн түшүп кетпестен, улам чыйралып, өнүгүп, жогорку градацияга жетет. Аракет-кыймыл күч алат. Сюжеттик – композициялык уюштурулушу логикалуу жана чың. Кептик курулмалар эмоционалдуу жана таасирдүү. Ой, идея ар бир фразага, репликага сыйымдуу. Ойду таамай, ачык жана так берүү үчүн автор кептик каражаттарды туура тандап алып, чебер пайдаланган. Пьесанын кептик стилине мүнөздүү дагы бир өзгөчөлүк бар. Ал драмада диалогдорго караганда, полилогдордун басымдуулук кылышы. Бир эле учурда бир нече персонаждардын сүйлөшү, б.а., полифонизм принцибинде курулушу, автордун индвидуалдуу ыкмасы катарында таасын көрүнөт. Кептин полифониялуулугу - кыргыз драматургиясы үчүн жаңы көрүнүш. Полифония “Өлбөстүн үрөнүндө” полилогдордон гана эмес, диалогдордон да кеңири кездешет. Ар бир репликада бир эле ой эмес, эки же андан ашык үндүн, ойдун орун алышы буга ачык далил. Көп пландуулук, драманын кебинин идеялуулугун арттырып, мазмундун толук жана ишенимдүү ачылышын шарттаган.

Окуучулар ар бир каармандын образына талдоо жүргүзгөндө, алардын кептик бөтөнчөлүгүн талдашат жана салыштырышат. Мисалы, Калчанын тилин талдоонун мааниси зор, себеби, анын ар бир сөзү окуучулар үчүн акыл-нуска. “Жерди кыян менен суу бузат, элди кыянат-чагым чуу бузат”, “Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман”, “Акылдуу баатыр жоонун ташын жарат, аңгаал баатыр өзүнүн башын жарат”, “Эр жаманы жоо күсөйт, катын жаманы көч күсөйт”. Калча тарабынан айтылган макалдар талдоого алынып, түшүндүрмө берилет. Каармандын: “Таштын уюлундай эл элек, жоого колтук ачкан жок элек, эми кумдай чачылдык. Куштан качкан чилдей бириндедик, сөөгүбүздү балыр басып калбасын! Өлсөңөр бир чуңкурда, тирүү болсоңор бир дөбөдө болсоңор кантет, чүрпөлөрүм?” – деген кебинен окуучулар элдин кыйын абалын элестетишет. Ал эми:”Туягы бүтүн тулпарыңар жок, канаты бүтүн шумкарыңар жок”, – деген репликасынан кыргыз элин жетектеген баатырлардын жоктугуна карата нааразылыгы жана өкүнүчү берилген.

Корутунду сабакта мугалим А.Токомбаевдин “Өлбөстүн үрөнү” пьесасынын кыргыз драматургиясындагы алган ордун түшүндүрөт жана төмөнкү маалыматтарга басым жасайт. “Өлбөстүн үрөнү” тарыхый драмасында XIX кылымдын орто чениндеги кыргыз элинин коомдук-социалдык, саясий айыгышкан карама-каршылыктарын көркөм аналитикалык планда чагылдырылгандыгына токтолот. Мындай карама-каршылыктан мансап талашууну, элдин уруучулук күрөшүн көрүүгө болот. Албетте, автор драмада кыргыз урууларынын өз ыктыяры менен Россияга кошулуп, уруу төбөлдөрү баштаган чыр-чатактарды, карапайым элди бейкутчулук, тынчтылык, азаттык эңсеген үмүтү, орус элинин өкүлдөрү менен достошуусун чагылдырган. Ошондуктан “Өлбөстү үрөнү” пьесасы кыргыз драматургиясын көркөм-эстетикалык, жанрдык-стилдик жактан байыткан, сөздүн толук маанисинде, оригиналдуу жана кайталанбас процесстеги жаңычыл чыгарма.

Драмалык чыгармалар жөнүндө окуучулардын алган билимин тереңдетүүнүн дагы бир ыкмасы, аны сахнадан көрүү жана андан кийин талкуу уюштуруу болуп эсептелет. Бирок, тилекке каршы , көптөн бери “Өлбөстүн үрөнү” спектакли сахнада коюлбай калды. Ошондой болсо дагы, мугалимдин милдети мектепте драма ийримин уюштуруп, окуучулар аталган пьесаны мектептин сахнасынан көрөтүүсү кажет.

Тажырыйба көрсөткөндөй, спектакль көрсөтүлгөндөн кийин окуучуларга төмөнкүдөй суроолор берилди:

1. Эмне себептен карапайым эл жабыр тартты? Уруу башчылары Боромбай менен Үмөталынын негизги максаттары эмнеде? Семеновго алар кандай мамиле жасашат?

2. Актерлордун аткаруусундагы каармандар менен драмадагы персонаждардын ортосунда окшоштуктар жана айырмачылыктар барбы? Силер класста окуп жана талдаганда ушундай элестеттиңер беле?

3. Кайсы сценалар драматизмге жык толгон? Урууучулук-феодалдык коомдогу кыргыз элинин турмушун кандайча көрсөттү?

4. Спектакль силерге кандай таасир калтырды?

Талкуудан кийин төмөнкү суроолор үй тапшырмага берилет.

1. ”Өлбөстүн үрөнү” кыргыз драматургиясына кандай жаңылык алып келди? Спектаклдин сценалык турмушу кайсы актерлордун аты менен байланыштуу?

2. Режиссердук трактовканы пьесанын мазмуну катары кабыл алсак болобу? 3.Сенин спектаклге болгон мамилең?

Ар бир окуучу берилген темалардын бирине дил баян, эссе, рецензия жазып келүүлөрү шарт.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Абдразаков А.Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүш маселелери. – Б.: Бийиктик, 2012, 294-408 бб.
2.Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. –Ф.: Мектеп, 1982, 276–б.
3. Байгазиев С. Талант жана адабий прогресс. –Б.: Алтын принт, 2012, 198-б.
4..Байгазиев С. XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы. –Б.: Элпек, 2002. -383 б.
5.Батаканова С.Т. Жалпы билим берүүчү мектептердин IX-X класстарында кыргыз жазуучуларынын драмалык чыгармаларын окутуу методикасын өркүндөтүү: Пед. илим.канд.дис. автореф.: 13.00.02. –Баку, 1988. – 18 б.
6.Борбугулов М. Возникновение и развитие киргизской драматургии. Автореф. дис. … д-ра филол. наук. –Ф.: 1966. -100 с.
7. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б.: Шам, 1996. 451-487 бб.

8.Борбугулов М. “Ажал ордуна” кыйын сындан- убакыттын сыноосунан өткөн чыгарма. / Китепте: Советтик Кыргызстан адабияты. - Ф.: Кыргызтан, 1998, 328-б.
9.Иманалиев К.И. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын негизги маселелери.- Ф.: Мектеп, 1973,115-б.
10.Кудрящев Н.И. Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы. –М.: Просвещение, 1981.- С.64.
11.Кыргыз драматургиясынын үлгүсү Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасынан башталат. Китепте: Маликов К. Замандаштарым жана каламдаштарым. –Ф.: 1964, 153 б.
12. Кыргыз ССР тарыхы. –Ф .:Кыргызстан, 1973, т.1,268-б
13.Маранцман В.Г. Анализ литературного произведения и читательского восприятия школьников.-Л.:1974.-С.11.
14.Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного чтения. –М.: Просвещение, 1985. -С.120.
15.Токомбаев А.Өлбөстүн үрөнү. / Китепте:Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы, 3т. –Ф.: Кыргызстан, 1976, 687-б.
16.Турусбеков Ж. Чыгарманын 1 томдугу.- Ф.:Кыргызстан, 1972. 198 б.
17.Чирковская Т.В. Методика работы над драматическия произведениями. / В кн.: Литература в средней школе. – Л.: Ученые записки №203, ЛГПИ, им.Герцена, 1999, С.112.
18.Уразова Ж. Элдик оозеки чыгармалардын сюжетинде жазылган драмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери: Пед. илим. кан. дис. автореф.: 13.00.02.– Б.: 2000. –21.б.